Азыркы кыргыз философиясынын "Бакайы" 70 жашта!

5-БЕТТЕ

Самат ШАТМАНОВ:

“Шарт болбосо да элибиздин кең пейили, жайылган дасторкону бар”

6-БЕТТЕ

Кубанычбек РЫСКУЛОВ:

“Жашылдандырууга артыкчылык берип жатабыз”

8-9 БЕТТЕРДЕ

№3 (3452)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

Шейшемби, 2023-жылдын 17-январы

www.erkin-too.kg

Нуржигит КАДЫРБЕКОВ:

"БИЗДИН БАЛА" ДЕП ТАТЫКСЫЗДАРДЫ СҮРӨМӨЙ ЖАКШЫЛЫККА АЛЫП КЕЛБЕЙТ"

3-БЕТТЕ

25 ИШКАНА ИШКЕ КИРЕТ

Россия-Кыргыз өнүктүрүү фонду үстүбүздөгү жылы 25 ишкананы ишке киргизүү үчүн жеңилдетилген каржылоо бөлүүнү пландап жатат. Бул тууралуу аталган уюмдун басма сөз кызматы билдирди. Фонд бройлердик канаттуулар фабрикасы, бышкан кыш жана цемент заводдору, медициналык клиникалар, окуу жайлар, текстиль ишканалары, кичи ГЭСтер, соода-логистикалык комплекстер, колбаса өндүрүшү, сүттү кайра иштетүүчү ишканаларга колдоо көрсөтмөкчү. Долбоор боюнча жеңилдетилген насыянын жалпы өлчөмү 159 млн долларды түзөт. Эгер пландар ишке ашса 1,3 миң адам иш менен камсыз болушу күтүлүүдө.

КАЛКТЫН ЖАШОО ДЕҢГЭЭЛИ 15%га ӨСТҮ

Кыргызстанда жашоо минимумунун көлөмү 7 178 сомду түздү. Улуттук статистика комитети бул көрсөткүч мурдагы жылга салыштырмалуу өлкөдө жашоо деңгээли 15 пайызга же 1 076 сомго көбөйгөндүгүн билдире тургандыгын маалымдады. Жашоо минимумунун эң жогорку өлчөмү Жалал-Абад облусунда 7 542 сом жана Бишкек шаарында 7 306 сом өлчөмүндө байкалган. Ал эми эмгекке жөндөмдүү курактагы жарандардын жашоо минимуму 8 025 сом, пенсионерлердики 6 395 сом, балдардыкы 6 099 сом деп белгиленген.

ДҮЙНӨЛҮК БАНК:

КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАСЫ ӨСӨТ

Дүйнөлүк банктын январь айындагы докладында 2023-жылы Кыргызстандын экономикасы 3,5%га өсөрү айтылды. Экономикалык өсүш Казакстан жана Өзбекстанда да катталары болжолдонгон. Жалпылап айтканда Борбордук Азия аймагында жайгашкан мамлекеттердин экономикасы ушул жылы 3,9%га көтөрүлөөрү көрсөтүлгөн.

ИДП ӨТКӨН ЖЫЛГА САЛЫШТЫРМАЛУУ 7%га ЖОГОРУЛАГАН

Алдын ала эсептөөлөр боюнча 2022-жылдын январь-декабрында ички дүң продукциянын көлөмү 919 миллиард сомдон ашуун сумманы түзүп, 2021-жылдын январь-декабрына салыштырмалуу 7,0 пайызга өстү.

"Кумтөр" кенин иштетүү боюнча ишканаларды эсепке албаганда, өткөн жылдын январь-декабрь айларында ИДПнын көлөмү болжол менен 864 миллиард сомду түзүп, 5,9 пайызга өскөн.

"Эркин-Тоо"

гезитине жазылууну эстен чыгарбаңыз!

2023-жылдын 5 айына жазылуу баасы:

Гезитке жазылуу баасы почта кызматын кошкондо 5 айга:

которуу жолу менен – 1144 сом 60 тыйын;

накталай төлөө жолу менен – 1165 сом.

Жазылуу бардык почта түйүндөрүндө жүргүзүлүп жатат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Иш-жума

САДЫР ЖАПАРОВ ЭМОМАЛИ РАХМОН МЕНЕН СҮЙЛӨШТҮ

14-январда өз ара макулдашууга ылайык, Президент Садыр Жапаров менен Тажикстан Республикасынын Президенти Эмомали Рахмон телефон аркылуу сүйлөштү.

Мамлекет башчылары Кыргызстан менен Тажикстандын ортосунда дипломатиялык мамилелердин түзүлгөндүгүнүн 30 жылдыгына байланыштуу куттуктоолор менен алмашты.

Сүйлөшүүнүн жүрүшүндө Мамлекет башчылары эки тараптуу сүйлөшүүлөрдөгү акыркы жетишкендиктерди белгилешти, бул жалпы узундугунун 63%ын түзгөн 625 чакырымга жакын мамлекеттик чек ара линиясынын долбоордук сыпаттамасын аяктоого мүмкүндүк берди.

Эки өлкөнүн мамилеси коңшулук нукта өнүгүшү зарыл

Президент Садыр Жапаров Тажикстан Республикасынын Президенти Эмомали Рахмонго эки өлкөнүн ортосундагы дипломатиялык мамилелердин түзүлгөндүгүнүн 30 жылдыгына байланыштуу куттуктоо кат жолдоду.

“Кыргызстан менен Тажикстан элдеринин кызыкчылыгында биргелешкен аракеттерибиз менен мамлекеттик эгемендикти, аймактык бүтүндүктү жана мамлекеттик чек аралардын бузулбастыгын өз ара урматтоо принциптерине негизделген эки тараптуу кызматташтыктын бүтүндөй комплексин мындан ары өнүктүрүүнү камсыздай алабыз деп ишенем. Эки өлкөнүн ортосундагы мамилелер Кыргызстан менен Тажикстан элдеринин бакубаттыгы үчүн достук, ынак коңшулук жана өнөктөштүк нугунда өнүгүшү керек деп эсептейм”, - деп айтылат билдирүүдө.

Эмомали Рахмон куттуктады

Тажикстан Республикасынын Президенти Эмомали Рахмон Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровго эки өлкөнүн дипломатиялык мамилелеринин түзүлгөндүгүнүн 30 жылдыгына карата кат жолдоду.

«Мен тажик-кыргыз мамилелеринин мындан аркы өнүгүшү биздин өлкөлөрдүн жарандарынын түпкү кызыкчылыктарына жооп берип, Борбордук Азияда тынчтыкты жана туруктуулукту сактоого салым кошот деп ишенем», - деп айтылат билдирүүдө.

АР БИР КЫРГЫЗСТАНДЫК АТУУЛДУН БОЙ ТУМАРЫ БОЛСУН

Президент Садыр Жапаров 14-январда жалпы кыргызстандыктарды Мамлекеттик гербдин кабыл алынган күнү менен куттуктады.

«Кызыл желегибиз алга сүрөгөн намысыбыз болуп, гимнибизде айкөл Манастын духу жаңырып турса, аскалуу Ала-Тообузду, көк ирим көлүбүздү калкалап турган ак шумкарлуу гербибиз "кыргыз" деген мамлекетти дүйнөгө таанытып турган эн тамгабыз экенине ар убак сыймыктанышыбыз кажет. Арийне, сыймык менен кошо мамлекеттик белгилерибизди арнамыс, ариетибиз менен катар коюп, бийик тута билели!

Мамлекеттик гербибиз алысжакында жүргөн ар бир кыргызстандык атуулдун бой тумары болсун!”,- деп айтылат куттуктоодо.

ТУРИЗМДИ ӨНҮКТҮРҮҮ ДОЛБООРЛОРУ СУНУШТАЛДЫ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров 13-январда туризмди өнүктүрүүгө багытталган долбоорлор боюнча кеңешме өткөрдү.

Жыйындын жүрүшүндө «Кыргыз Республикасында туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду» ачык акционердик коому тарабынан иштелип жаткан Баткен облусунун Раззаков шаарындагы 4 жылдыздуу мейманкана комплексинин, Баткен облусундагы санаториялык-курорттук комплекстин жана балдардын ден соолугун чыңдоочу лагердин долбоорлору көрсөтүлдү.

960 млн АКШ доллары суммасындагы 32 бирдиктен турган санаториялык-курорттук объектилер тармагын өнүктүрүү долбоору сунушталды. «Ак-Кеме» мейманканасын калыбына келтирүү, өлкө аймактарында глемпинг түйүндөрүн өнүктүрүү, Бишкек шаарына жакын жерде кароо аянтчасын түзүү боюнча долбоорду ишке ашыруу пландары тууралуу маалымат берилди.

Экономиканын реалдуу секторун өнүктүрүүгө 20-50 млрд сом багытталат

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Министрлер Кабинетинин 2023-жылдагы алгачкы жыйынын өткөрдү.

Министрлер Кабинетинин башчысы 2022-жылдын жыйынтыгын чыгарууда 2022-жылы ички дүң продукциянын көлөмү 919 млрд сомдон ашуун болгондугун билдирди.

«2 жылдын ичинде өлкөнүн ИДПсы 50%га өстү. Өлкөнүн консолидацияланган бюджети 438,1 млрд сомду түздү. Консолидацияланган бюджеттин ресурстук бөлүгү 2 жылда 190 млрд 600 млн сомго, же 177%га өстү. Келерки жылы аны 503 млрд сомго жеткирүү пландалууда. Өсүү темпин кармап туруу үчүн биз түз инвестицияны жана таза экспорттун көлөмүн көбөйтүүбүз керек. Бул эки милдетке өзгөчө маани берилет. Быйыл экономиканын реалдуу секторун өнүктүрүүгө жана колдоого 20-50 млрд сом багытталат. Бул энергиянын кайра жаралуучу булактары, айыл чарба продукциясын сактоо жана сатуу үчүн шарттарды түзүү боюнча долбоорлор», - деди Акылбек Жапаров.

ЖҮРӨГҮБҮЗДӨГҮ МЕКЕНЧИЛДИК КҮЧ-КУБАТ БЕРЕТ

13-январда Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин кабыл алынгандыгынын 29 жылдыгына карата Ички иштер министрлигинде салтанаттуу иш-чара болуп өттү.

Майрамдык жыйынга Мамлекеттик катчы Сүйүнбек Касмамбетов, Ички иштер министри Улан Ниязбеков, милициянын отставкадагы генерал-майору Садырбек Дубанаев жана КР ИИМдин борбордук аппаратынын өздүк курамы катышты.

Мамлекеттик катчы Сүйүнбек Касмамбетов: «Жүрөгүбүздө ыйык сакталган мекенчилдик, атабабаларыбыздын жаркын элесине парзыбыз, элдин эркиндикти сүйгөн духу бизди алдыга жетелеп, күч-кубат берет. Кыргызстандын жаркын келечеги үчүн биз өлкөдөгү тынчтыкты жана бейпилдикти, улуттар аралык ынтымакты баалап, коргоп, мамлекеттүүлүгүбүздү, коомдогу биримдикти сакташыбыз керек. Бул ар бир кыргызстандыктын ыйык милдети», — деди.

Эгемен Кыргызстандын башкы жана ажырагыс атрибутун иштеп чыккандардын бири, милициянын отставкадагы генерал-майору Садырбек Дубанаев, мамлекеттик символду иштеп чыгуу сынагын жарыялаганда ал «Легендарлуу парламенттин“ депутаты экендигин, комиссияга 21 депутат кирип, төрагасы белгилүү жазуучу Казат Акматов болгондугун эске салды. Жалпысынан 2 234 гербдин эскизи келген.

ПРЕЗИДЕНТТИН БЕЛЕГИ

Президент Садыр Жапаровдун атынан аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарына жаңы жылдык белектерди Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин даярдоо боюнча башкармалыгынын башчысы Айбек Джунушалиев тапшырды.

Коомдун аярлуу катмарындагы аз камсыз болгон жалгыз бой жана көп балалуу энелер Бишкек шаарынан жана Чүй облусунан тандалып алынган. Алардын балдарына уюлдук телефон берилип, жалгыз бой энелерге акчалай жардам көрсөтүлдү.

Ошондой эле Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев тиешелүү жергиликтүү бийликтин жетекчилерине балдардын мектептердеги төлөмдөрүнөн бошотуу, жылытуу мезгилинде көмүр менен камсыздоо тапшырмаларын берди.

ЭКИ ЭЛДИН ДОСТУГУ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов Монголиянын Кыргыз Республикасындагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси Ганхуяг Содном менен жолугушту.

Жолугушууда «Кыргызстан менен Монголиянын элдеринин көп кылымдык достук жана бир туугандык байланыштары бар жана биз эки тараптуу мамилелерди мындан ары да чыңдоого жана терендетүүгө умтулабыз», - деди Эдил Байсалов.

Даярдаган
Жылдыз ДЫЙКАНОВА

Аз эмеспи?

Жогорку Кеңештин депутаты, “Ыйман Нуру” фракциясынын лидери Нуржигит КАДЫРБЕКОВ:

“Куру дегенде 10 депутат чыгарып алсак сонун болмок...”

Маектешим менен алгачкы маегим 10 жыл мурун жарыяланган. Андан бери биз бир канча ирет гезит майданында баарлаштык: чыгармачылыгы, тышкы саясат, диний абал, адабият, маданият ж.б. темалардын тегерегинде. А бүгүнкү сөз парламенттеги тикелей милдетинин тегерегинде уланды. Эмесе, эл өкүлүнүн кызыктуу кебин силерге сунуштайм.

- Нуржигит мырза, эл өкүлдүк вазыйпанын жоопкерчиликтүү экенин канчалык деңгээлде жон териңиз менен сезип жатасыз?

- Депутаттык – жүгү, тузу оор иш. Эл өкүлү деп ишенип, адамдар ар түрдүү көйгөй менен кайрылышат. Баарына эле ойдогудай жардам берүүгө чама-чарк жете бербейт экен. Ыйгарым-укук, ресурстар чектелүү. Ошого ичтен түтөйсүң. Мыйзам жазуу, аны ошончо кесиптештин элегинен өткөрүү да аябай татаал иш. Жаратканда жардам сурап, акырындап алга жылып жатабыз.

- Азыркыдай шартта фракция лидери болуш да оңой жүк эмес. Депутаттык мыйзам жазуудан тышкары бийлик менен тил табышуу, мандатынын кезегин күткөндөргө жол ачуу, партияга кызмат кылган топту мамкызматка сүрөө сындуу жазылбаган эрежелер бар. Бул жааттагы көйгөйлөр сизди чарчата элекпи?

- Кеп тил табышууда эмес, шыдыр өнүгүүгө карай жол табышууда. Ошон үчүн, “акты ак, көктү көк” деген калыс позицияны карманып келебиз. Сынтагуу оңой, сунуш айтуу кыйын. “Урушпа – сунушта!” деген принципти тутунганым ошондон. Биз менен катарлаш болуп, шайлоодо ат салышкандардын бир тобу мандат алып, элге кызмат кылсак деп кезегин чыдамсыздык менен күтүүдө. Бирок, “сен кет, тигил келсин” дегенге эч кимдин моралдык да, мыйзамда да укугу жок. Депутаттарыбыз мыкты эле иштеп жатышат. Чынын айтсам, удулу келип турганда парламенттик мектепте көбүрөөк жаштарды такшалтып алсак деп ойлоном. Мыкты кадрлар болсо тигил же бул кызматка рекомендация берүүгө даярмын. Жагалданып суранмай сапаттан узак экенмин. Ал эми “биздин бала эле” деп татыксыздарды сокур сүрөмөйдүн аягы жакшылыкка алып келбейт. Түйшүк, иш, түйүндүү маселелер тирүүлүк бүткөнчө улана берет. Ошондуктан, чарчадым деп кесирдик кылбайын.

- Албетте, баардыгы Жараткандын амиринен. Парламенттин ушул чакырылышы өз мөөнөтүнө жетсе, бул аралыкта кол астыңыздагы партиядан канча эл өкүлүн чыгарсам деген максатыңыз бар? Канткен күндө да чоң мектептин башатында турасыз да...

- Парламентте 5 мандатка ээбиз. Кезекте тургандардын арасында да келечектүү, жөндөмү жогору, эл-жер деп күйгөн азаматтар бар. Жок дегенде он депутат чыгарып, таптап, мамлекеттик иштин мектебинен жана сынагынан өткөрсөк сонун болмок. Кудайга шүгүр, азыркы депутаттарыбыздын ар бири сабаттуу, тажрыйбалуу, эмгекчил. Алардын да али аткарылбаган мерчемдери толтура. Парламенттен кийинки жолу кандай уланары да маанилүү. Ошон үчүн, бул бардыгынын саясий акылмандуулугуна жана жоопкерчилигине жараша чечилчү маселе.

- Чыгармачыл, Жараткандын көрсөткөн түз жолу менен келаткан келечектеги лидерди Ак үй-көк үйдөгү саясий интригалар, кырды-бычак мамилелер ара-тородо “түз чийимден” чыкканга мажбур кылган жокпу? Биз баары бир пендебиз да...

- Жаратканым түз жолдон кыйшайтпасын, ылайым. Чоң тилегим, аракетим ушундай. Пендечилик жеңил ойду, кыйдылыкты, анда-мында секирмейди, алдамайды, сөзгө турбастыкты, кошоматтыкты саясатка шылтабаганга үйрөнүшүбүз керек. “Саясат бузат” дегенге такыр кошулбайм. Биз кандай болсок, саясат да ошол нукта кетет. Абдырахманов, Раззаков, Усубалиев, Ибраимов ж.б. кандай таза иштешти. Ошондуктан, иштеринде береке, ийгилик мол болду. Интрига деген мылтыктын огун асманга атып түгөткөндөй, күчтү, акылды, энергияны текке коротчу оору. Тилекке каршы, кыргыз саясаты бул илдеттен “саламатта” эмес. Буюрса, бара-бара оңолобуз, оожалабыз.

- “Ыйман Нуру” партиясын эл тарыхый тандоо менен парламентке тандашканы ырас. Ишенимди соолутпас үчүн алдыда кандай иштерди аткарсам дейсиз?..

- Айыл чарба продукциясынын 88 пайызын өндүргөн он миңдеген майда фермердик чарбалардан аз гана ири кооперативдерге жер үлүшүн өткөрүүгө жол ачкан 309-токтомдун ишке ашышына каршы демилгенин башында биздин фракция турду. Эл катары бала бакча, мектеп, спорт залдарды курдуруп, арык, суу чыгарып, жол төшөтүүгө себеп болуп жатабыз. Колдон келишинче, албетте. Аялдардын, балдардын, мүмкүнчүлүктөрү чектелгендердин, мигранттардын укук-кызыкчылыктарын коргоо аракетиндебиз. Эл аралык аренага чыгып, чет элдик парламентарийлер менен түз карымкатнаштарды түзүү далалатыбыз жемишин бере баштады. “Жашыл Кыргызстан” токтому аркылуу “бир жарандан – бир көчөт” долбоорун демилгелеп, такыр жерлерди жашылдандыруу идеябыз депутаттардын жана коомчулуктун колдоосун тапты. Бак эгүүгө чакырган айтылуу активист Абдулла Ташиев да биздин командада экенине сыймыктанам. Илим, билим, адеп, маданият, адабият, жаштардын тарбиясы тематикаларын алдыга сүрөгөн репутация күттүк. Иштерибиз ушул нукта уланат, жанданат буюрса. Жүрөктө ыйман, аракетте ыклас болсо, ишиң түзөлүп кете берет. Ошого, ичибиз да, ишибиз да таза болушуна кам көрөбүз. Алдабасак, алдатпасак, уурдабасак, уурдатпасак, кекиртек менен кыянаттык кылбасак, аз ишти да таза ыклас менен кылсак, элибиз колубуздан келишинче жасагандарыбызды баалап, анча-мынча каталыктарыбызды кечирип, оңдоптүзөөбүзгө көмөктөшөрүнө көзүм жетти. Бизге дем берип, ак батасын арнаган мекендештерибизге тегиз алкыш айтам.

Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ

Майда бирок маанилүү

Орто-Токой суу сактагычына кичи ГЭС курулат

Кыргызстандын мамлекеттик түзүмдөрү менен China National Heavy Machinery Corporation (Кытайдын улуттук компаниясы) кызматташуу тууралуу меморандумга кол коюшту. Анда Кыргызстандын энергетика тармагын өнүктүрүү максатында өнөктөштүктү жана стратегиялык кызматташтыкты бекемдөө каралган. Меморандумга кол коюу ишчарасына Энергетика министри Таалайбек Ибраев, Экономика жана коммерция министри Данияр Амангелдиев, Каржынасыялык фонддун жетекчиси Жусубали Төрөмаматов жана кытай компаниясынын вице-президенти Жэнг Хенсонг катышты.

Меморандумда Кыргызстандын энергетика тармагын өнүктүрүү максатында өнөктөштүк жана стратегиялык кызматташтыкты бекемдөө, Орто-Токой суу сактагычына кубаттуулугу 21 мегаватт болгон кичи ГЭС куруу жөнүндө келишим каралган.

Кытайдын China National Heavy Machinery Corporation компаниясы 1980-жылы түзүлгөн. Ал Кытай өкмөтүнө караштуу металлургия, тоо иштери, электр энергиясы, экология, химиялык өнөр жай жана башка тармактарда иш алып барат.

Подстанциялардын жүгүн жеңилдетүү үчүн

Электр кубатынын бир саатка өчүрүлүшү — жөнгө салуучу чара. Бул тууралуу Улуттук энергохолдингдин башкармасынын төрагасы Талайбек Байгазиев брифинг учурунда билдирди.

Анын айтымында, Өзбекстан менен Казакстанга салыштырмалуу Кыргызстанда абал кыйла жакшы. "Айрым учурда жарык бир саатка чукул өчүрүлүп калууда. Бул маалмаалы менен өчүрүүгө жатпайт, болгону жөнгө салуучу чара" деди Т.Байгазиев.

Ал ашыкча пайдалануудан улам зымдар менен трансформаторлор иштен чыгып, подстанциялардын жүгүн жеңилдетүү үчүн абоненттерди башка түйүнгө кошууга туура келип жатканын белгиледи. Байгазиев бул адаттан тыш көрүнүш эмес экенин кошумчалады.

1-апрелге чейин митинг өткөрүүгө тыюу салынды

Биринчи май райондук сотунун чечими менен Бишкекте 2023-жылдын 1-апрелине чейин митинг өткөрүүгө тыюу салынды. Бул Ала-Тоо аянтында, Эркиндик бульварында, Жогорку Кеңештин имаратынын жана ага чектеш сейил бактын жанында, Президенттин иш башкармалыгы, Жогорку Сот, Россиянын Кыргызстандагы элчилигинин, УКМКнын имаратынын алдында мамлекеттик жана муниципалдык расмий ишчараларды кошпогондо тынчтык чогулуштарды өткөрүүгө болбойт дегенди билдирет. Чогулуш, тынчтык акцияларды Бишкек шаарындагы М.Горький атындагы скверде гана өткөрүүгө болот.

Сасык тумоо кайрадан күч алды

Кыргызстанда акыркы аптада курч респиратордук вирустук инфекциялар жана сасык тумоо менен ооругандардын саны өскөн. Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаменти бул жумада 0,7%га көбөйгөнүн билдирди. Дарыгерлер элди гигиеналык режимди сактоого чакырууда.

Бактыгүл КУЛАТАЕВА

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Табият табышмагы

КЫШТЫН ЫЗГААРЛУУ БОЛУШУ ЭМНЕДЕН КАБАР БЕРЕТ?

Кыргызстанда, дегеле дүйнөнүн көпчүлүк мамлекеттеринде 2023-жылдын январь айы катуу суук менен коштолуп, рекорддук көрсөткүчтөр катталды. Өткөн аптада, тагыраак айтканда 12-январда Россиянын Красноярск крайында термометрдин көрсөткүчү -72 градусту көргөздү. Буга чейин мындай температуралык көрсөткүч Антарктикада гана катталып келген. Казакстанда кар бороондору болуп, жакынкы Өзбекстанда кар калың жаап, сууктан мектептерде кышкы каникулдар узартылды. Ал тургай Египетке кар жаап, -3 градус суук катталды. Кыргызстанда болсо эң катаал суук Суусамыр өрөөнүндө болуп, термометр -50 градуска чейин түштү.

Кыш айларында боло турган ызгаар суукту дүйнөлүк гидромет станциялар алдын ала айтышып, өзгөчө кырдаалга даяр болууну эскертишкен. Айрымдар кабарды кадимкидей эле кыштын "кылыгы" катары кабыл алса, кээ бирлер кооптонушту. Ал эми дүйнөлүк эксперттер бул көрүнүштү климаттын өзгөрүүсүнүн белгиси катары кабыл алууну айтышты. Глобалдык жылуулануу болуп жатканда ызгаар сууктун болушу күтүлө тургун нерсе дешти окумуштуулар. Аба ырайынын өзгөрүшүнүн себебин алар батыштан аяздуу антициклонду түртүп баштаган Атлантика циклондорунун келиши менен түшүндүрүп да беришти.

Ошентип, дүйнөнүн көпчүлүк аймактарында кыштын ызгаары катталса Европада рекорддук ысык аба ырайы катталды.

Дүйнөлүк метеорологиялык уюмдун эксперттери жаңы 2023-жылдын алгачкы күндөрүндө Жер Ортолук деңизинин аймагындагы жогорку басым зонасы жана Атлантикадагы төмөн басым системасы Африканын түндүк-батышынан орто кеңдиктерге жылуу абаны алып келген күчтүү түштүк-батыш агымын пайда кылганын айтышты. Бул Европадагы абаны өтө жылытып жиберип, абанын даражасы нормадан 1–2 градуска жогору болгон. Мындай абал Европанын бир катар өлкөлөрүндө жаңы жыл түнү «рекорддук ысыктын» болушуна алып келген. Көптөгөн Европа өлкөлөрүндө, анын ичинде Борбордук Европада 20 градустан жогору температура байкалган. Мисалы, 2022-жылдын 31-декабрында Германиянын Дрезден-Хостервиц шаарында +19,4 градус, 2023-жылдын 1-январында Испаниянын Бильбао аэропортунда Цельсий боюнча +25,1 градус жана Варшавада +18,9 градус ысык болгон. Европада азыр да жылуулук сакталып турат.

Жакында Климаттын өзгөрүшү боюнча өкмөттөр аралык комиссия (IPCC) Европада акыркы ондогон жылдар аралыгында өтө жогорку температуранын, анын ичинде деңиздеги ысык толкундардын жыштыгы жана интенсивдүүлүгү көбөйгөнүн билдирди. Бул өсүш парник газынын абалына карабастан уланат деп болжолдонууда.

Консультативдик болжолдоолорго ылайык, 2023-жылдын январынын экинчи жана үчүнчү декадасында Борбордук Азиянын айрым аймактарына аба ырайынын тез-тез өзгөрүшү күтүлөт, аяздуу күндөр жылуу күндөргө алмашып, кар жаап, кар күрткүсү жана катуу шамал менен коштолот. Биз дүйнөлүк метеорологдордун божомолунан сырткары кыргызда илгертен колдонулуп келе жаткан жыл, жылдыз санакка да көңүл бөлөлү деп “Санжыра” борборунун директору, картограф, профессор **Асыкбек Оморовго** кайрылып, бир нече суроо узаттык. Ал биз менен жаратылыштын айрым белгилерине таянган божомолу менен бөлүштү.

- Асыкбек ага, былтыр кыш жылуу болуп, кар аз жааган. Бул жылы кыш “кыялын” көргөзүп, ызгаар болуп жатат. Сиз аба ырайынын мындай катаалдыгына кандай божомол бересиз?

- Быйылкы кышта катуу суук болору күзүндө эле билинген. Анткени, дарактардын жалбырагы башынан саргарып, жерге түшө баштаган. Эгер дарак кыштын суугун алдын ала сезген болсо, өзүнүн суусун башынан ылдый кетире баштайт. Ошондо жалбырактар башынан саргарып, акырындык менен ылдый жактарына өтөт. Дарак кыш башталганча сууну тамырына чейин алып келип жерге силкип таштайт. Ошондо гана дарак тоңуп калбай, кайра жазда жанданат. Негизи ар бир 42 жылда суук циклон келип турарын гидромет кызматтары жакшы билишет. Астрологдордун да бул маалыматтан кабары бар. Бирок, алар эмне үчүн 42 жылда бир жолу ызгардуу кыш катталат экендигин так аныктап чыккан эмес. 1941-1942-жылдары катуу суук болгон. Андан кийинки температуралык рекорддук көрсөткүчтөр 1983-1984-жылдары да катталган. Дагы болжолдуу ошондой убакыт өткөндөн кийин 2022-жылдан 2023-жылга караган кышта суук катталды. Эмки цикл 2063-2064-жылдары болушу мүмкүн.

- Кыштын суук болушу жазды кечеңдетип жибербейби?

- Аймактарда да кар калың жаады. Бул молчулук болорунан кабар берет. Кар эригенден кийин нымдын баары жерде сакталып калат. Быйыл дарыялардагы суунун агымы көп болуп, суу сактагычтарга суу толот.

- Мындай аба ырайын айрымдар кадимкидей эле кабыл алышты. Негизи мындан бир топ жылдар мурда Кыргызстанда кыш айлары ушундай эле ызгаар менен коштолуп турчу да, туурабы?

- Ооба, биздин өлкөнүн ар аймагынын өзүнүн өзгөчөлүгү бар. Айрым аймакта температуралык көрсөткүчтөр ар түрдүү болот. Мисалы, Нарындын кышы дайыма эле суук болот. Алар кыш ызгаарына көнүп калышкан. Суусамыр өрөөнүнүн кышы да катаал болорун билебиз. Ал эми түштүк аймактары үчүн албетте -20 градус катаал суук катары кабылданат. Негизи кыштын кыштай болгону деле жакшы. Кардын жааганы айыл чарбасына өтө пайдалуу.

- Өткөн аптада Ысык-Көлдүн бууланышын да байкадык. Бул кубулушка маани берсек болобу?

- Катуу суук болгондо боло турчу кадимки көрүнүш катары эле кабылдаса болот. Ысык-Көл тоңбогондуктан ызгаар болгондо бууланган абалга келди. Айрымдар муну ырым-жырымдарга байланыштырып жиберишти. Мен аларга кошулбайм. Былтыр кыш жылуу болуп, кар аз жааган. Мындан улам жайкысын Ысык-Көлдүн суусу тартылган. Анда да жөнөкөй эле жаратылыштык кубулушту коомчулук ар кандай жоромолдошкон. Биз ар бир жаратылыштык кубулушка так анализ жасаганды үйрөнүшүбүз керек.

Тазалык таштанды иргөөдөн башталат

ШААР МЭРИ ИШТИ БАШТАБАЙ ЖАТЫП ТАШТАП КОЁБУ?

Ушул жылдын 9-январында Бишкектин Биринчи Май районунда социалдык жакшы долбоор ишке кирген эле. Бишкек мэриясы эл аралык стандарттарга ылайык таштанды иргөөчү 12 евроурна орнотуп, таштандыны иргөөгө болгон ишаракетин көрө баштаган. Шаардыктар үчүн пилоттук долбоордун алкагында таштанды сорттоочу пункт да ишке берилген. Бирок, тилекке каршы долбоор 2 күндө эле ойрон болду. 11-январь күнү пункт ишке киргенден эки күн өтпөй шаардыктар евроурналарды кадимки таштанды челек катары пайдаланып, таштандыларды иргебей ыргытышкан.

Өткөн жылдын июль айында да Бишкек мэриясы Биринчи Май районуна таштанды иргөөчү урналарды орноткон. Ал долбоор да ишке ашкан эмес. Муну менен албетте мэриянын ишин алкоого алгандан алыспыз. Азыр муниципалитетке болгон нааразычылыктар өтө көп. Аткарылбаган иштер арбын. Бирок, шаардыктардын кайдыгерлиги чектен ашып бараткандыгын да тана албай турган маселе болуп турат.

Жалал-Абад шаарындагы таштанды иргөөчү цехтин ээси Амирбек МАСИРАЛИЕВ:

- Биз желим таштандыны кайра иштетүүчү жай ачканбыз, бир жылдын аралыгында желимден 130 тонна тиричилик буюмдарын жасадык. Таштандыны үйлөрдү, дүкөндөрдү кыдырып топтойбуз. Жалал-Абад шаарында бир топ жылдардан бери желим баштык, идиштер үчүн атайын урналар орнотулган. Бирок, алар такыр эле иштебейт. Эл атайын урналарга банандын кабыгын, памперстерди деле сала беришет. Эгер таштанды иргөө маданиятын сактасак бизге бир топ жеңил болмок. Бирок, биз ушундайбыз деп эле олтура бербешибиз керек деген ойдомун. Эгер элдин таштандыга болгон маданияты төмөн болсо, анда анын үстүнөн иштешибиз зарыл.

Өткөн жылдын аягында BBC дүйнөдөгү 100 шыктандыруучу айымдын 2022-жылкы тизмесин жарыялады. Тизмени ондогон өлкөдөгү ар тармактан жаңылык жарата алган айымдар толуктады. Мына ушул тизмеге кыргызстандык Айнура Сагын аттуу инженер айым кирген. Айнура Сагын Кыргызстандагы экологиялык көйгөйлөрдү чечүү жолдорун сунуштаган бирдин-бир айым. Ал таштандыны бөлүп чыгарган тарап менен таштанды кайра иштеткен тарапты байланыштырган Tazar аталышындагы мобилдик тиркеме ойлоп тапкан. Дал ушул эмгеги үчүн Айнура дүйнөнүн эң таасирдүү, шыктандыруучу айымдардын катарына кирди. Ал учурда тиркемесине таштанды иргеген, иштеткен бөлүмдөрдүн даректерин киргизип, экологиялык көйгөйдү чечүү аракетинин аркасынан талыкпай иштеп жүрөт.

Инженер Айнура САГЫН:

- Биздин тиркемебизде таштандыны иргөө боюнча бирге иш алып барган мекемелердин даректери бар. Аларга тийиштүү урналарды орнотуп бергенбиз. Жумасына эки жолу ошол жерге барып кагазын кагаздай, желимин желимдей бөлүп алып кетебиз. Таштанды биздин колго тийгенден кийин сырьё деп аталып калат. Анткени, алар башка заводдорго жиберилип, ошол жакта кайра иштетилет. Кыргызстандыктарда акырындык менен таштанды иргөө маданияты кирет деген ойдомун. Анткени, жыл өткөн сайын жылыш бар. Бирок, тар чөйрөдө гана болгону өкүндүрөт. Эгер биз таштанды иргеп, аны атайын таштанды кабыл алуучу бөлүмдөргө тапшырып, анүчүн акы алууну үйрөнсөк полигондордогу абал да жакшырмак.

Азыр дүйнө экологиялык маселелерге көңүл буруп, таасирдүү айымдарды да дал ушул көйгөйдүн тегерегинде тандап жатса, биздин таштанды иргөө маданиятына болгон кайдыгерлигибиз жакшы эмес көрүнүш болуп турат. Ар бирибиз маданиятты өзүбүздөн баштап, андан соң талап койгонубуз оңго. Таштандыга болгон мамилебиз биздин маданиятыбыздан кабар берерин унутпайлы. Келечекте Айнура Сагын, Амирбек Масиралиев сыяктуу ишкер, инженер, экологдордун жолуна түшкөндөр көбөйө тургандыгынан шек жок деңизчи. Бирок, калың катмар таштанды иргөө маданиятын үйрөнбөсө абалдан чыгуу кыйын болот.

Ал эми Бишкек шаарынын мэриясы баштаган долбоорун таштабай, ыкчамдуулук менен шаардын башка райондоруна да таштанды иргөөчү челектерин койсо болмок. Бир-эки долбоор менен маселе чечилбесин баарыбыз эле аңдап калдык сыяктанат. Долбоор баштап, ал сыноодон өткөн жок деп олтура берүүдөн пайда жок.

Бетти даярдаган
Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

Устатка таазим

Азыркы кыргыз философиясынын "Бакайы" 70 жашта!



Жер бетинде кайсыл гана өнөр ээлерин албайлы, бардыгында тең «устат» жана «шакирт» деген түшүнүктөр болуп келген. Устаттыкка жол ачып, жолго салуучу нерсе – бул «устаттык». Ал эми «шакирт» – ошол устаты ачып, салып берген «жолго түшүп», өз ордун тапкан экинчи тарап эмеспи. Мына ошол «жолго салуу» иш-аракети менен азыркы күндөрү чаалыкпай алпурушуп жүргөн, кыргыз элинин белгилүү илимпоздорунун бири, бүткүл өмүрүн илим-билим чөйрөсүнө арнаган инсан, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз Республикасынын илим жана техника жаатындагы Мамлекеттик жана И.Ахунбаев атындагы Жогорку академиялык сыйлыктарынын ээси, КМШ өлкөлөрүнүн билим берүүсүнүн мыктысы, философия илимдеринин доктору, профессор Тогусаков Осмон Асанкулович туурасында кеп кылгым келет.

Баарыбызга жакшы маалым болгондой, илимпоздун жашоосундагы эң сонун нерсе өзүнүн жеке же акыркы утилитардык максаты үчүн эмес, тескерисинче ишмердүүлүк, чыгармачылык үчүн көрсөтүүсү эсептелет. Изденүүчүлүк жана изилдөө – диалектикалык ойломдун эркин умтулуусунун эң зарыл шарты. Адам чыгармачылык изденүүдө өзүн кайрадан толуктоо жана өзүнүн бүтүндүгүн туюпсезүү үчүн толугу менен сарп кылат. Ошондуктан, чыгармачыл таланттардын ишмердүүлүктөрүнө багыт көрсөтүп, алардын толук кандуу инсан болуп калыптанууларына көмөк көрсөтүүдөн өткөн асыл иш жок эмеспи.

Терең ой жүгүрткөн инсан катары ал жогорку профессионалдуулугу жана сейрек кездешүүчү уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү менен айырмаланып тураары баарыбызга маалым, анын инновацияларга болгон далалаты жана социомаданий кырдаалды түпкүрүнөн түшүнө билүүсү, бардык нерседеги тажрыйбалуулугу жана маселелерди көрө билүүсүнүн масштабдуулугу адамдык жөнөкөйлүгү менен айкалышып турат. Ал – өзүнүн чыгармачылык илимий-уюштуруучулук жана коомдук ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөлөрүндөгү көсөм прагматик. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясын даярдоодо сиңирген эмгеги үчүн ага «КР илимине эмгек сиңирген ишмер» ардактуу наамы ыйгарылган (2003-ж.). Андан тышкары жакында эле, КР УИАда өткөн эгемендүү өлкөбүздүн Баш Мыйзамынын долбоорун талкуулаган Конституциялык кеңешмеге да кеңешменин төрагасынын орун басары болуп, өзүнүн жогорку интеллектуалдык-уюштуруучулук дараметин дагы бир ирет көрсөтө алды.

Фундаменталдуулукка теоретикалык алдыга жылуусуз, илимдин өнүгүшүнө чыгармачылык салымсыз ой жүгүртүүгө болбойт. Бул жаатта устат илимдин методологиясы, диалектикалык логика, эпистемология жана социалдык-экологиялык прогностика маселелери боюнча көрүнүктүү адис катары биздин эле өлкөгө эмес, Борбордук Азияга кеңири таанымал. Ал 6 жеке жана 19 жамааттык монографиянын, философия боюнча 2 жана политология боюнча 2 жамааттык окуу китебинин, 6 окуу-методикалык колдонмосунун, 350дөн ашуун илимий жана илимий-популярдык макалалардын автору. Анын илимий эмгектеринин кеңири диапазону үчүн тажрыйбанын сурамжылоолору менен болгон тыгыз байланыштары мүнөздүү, о.э. ары татаал, ургаалдуу маселелердин кабыргасынан коюлушу, андан өжөрлүктү, туруктуулукту жана чыгармачылык демилгени талап кылат. Ал аттын кашкасындай таанымал теоретик катары республикабыздын илимий кадрларын даярдоодо дагы олуттуу салымын кошуп келүүдө: анын көсөмдүк жетекчилиги астында 11 докторлук жана 43 кандидаттык диссертациялар ийгиликтүү жакталган.

Бүгүнкү Кудайым ыроологон 70 жаш кутман курагын тосуп турган чагында, анын тынчтык билбеген ой жүгүртүүлөрү дале болсо тынымсыз изденүүдө: бир орунда болуу, демек толугу менен азыркы кезде, ушул жерде жана азыр жашоо дегендик, алдыда боло турган нерсени жасоодон мурда, адегенде азыркыны туура жасоо зарыл экендигин белгилейт. Ошентип ал өзүнүн жашоо постулатына так турганы турган: акыйкатсыздык кылуу, акыйкатсыздыкка чыдоого караганда өтө эле жаман. Соңунда шакиртиңиз иретинде айтарым, ийгиликтин дагы далай бийик ашууларын аша бериңиз! Арыбаңыз, бар болуңуз!

Жаныш АСАНОВ,
философия илимдеринин кандидаты, доцент

Ишке ашабы?

Кочкор районуна караштуу Талаа-Булак айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Белек ЖОЛДОШБЕК уулу:

“Максатыбыз айылга социалдык шаарчаны куруу...”

Каарманым Кочкор өрөөнүндөгү бирден-бир ири айыл өкмөттү жетектейт. Айылдаштар, тааныгандар да анын иштин кызыкчылыгы үчүн тартип менен тазалыкты биринчи орунга коюп, бар аракетин кылып иштеп жаткандыгын жашырышпады. Биз элеттеги көйгөйлөрдүн тегерегинде баарлаштык.

- Белек мырза, сиз жетектеген айыл аймакта мамлекеттик казынанын көмөгүнө муктаж кандай көйгөйлөр бар? Негизгилерин тизмектеп бере аласызбы?..

- Дотацияда турган айыл өкмөт болгондуктан, мамлекеттин көмөгүнө дайыма муктажбыз да. Бирок, ушул күнгө чейин бир топ көйгөйлүү маселелер өлкө казынасынан чечилип калгандыгын жашырбай айта алам. Муну менен көйгөйлөрдү 100% чечип салдык дегенден алысмын. Тизмектеп көрсөк социалдык имараттардын дээрлик баардыгы: капиталдык ремонтко муктаж имараттар жана жаңы курулгандар курулуп бүттү. Алсак мектеп, бала-бакча, ҮДБнун имараттары толук кандуу ремонттолду. Ал эми айыл өкмөттүн имараты бүгүнкү күндө капиталдык ремонтко муктаж болуп, кызматкерлердин иштешине жакшы шарт түзүлбөй келүүдө. Бул имарат 1991-жылы курулган. Ушул күнгө чейин бир дагы жолу ремонттон өткөн эмес. Болбосо райондогу эң бир көрүнүктүү, жакшы имараттардын бири. Кудай буюрса, 2023-жылы бул имаратты капиталдык ремонттон өткөрүүгө иш- аракеттер жүрүп жатат.

- Айыл өкмөттүн “эки тизгин, бир чылбырын” колго алганыңызга 6 жылга аяк басыптыр. Жетектеген аймагыңызды өлкөнүн кайсы регионундагы өрөөндүн мисалында өнүктүргүңүз келет?

- Ооба, Кудай буюрса, иштегениме жетинчи жылга аяк басты. Бул аралыкта колумдан келишинче аракет кылып жатам. Менин ойлогонумдай болсо, айылыбызды өнүгүп-өскөн шаарлардын катарына кошкум келет. Тилекке каршы, каражат жагы кендирди кесет. Ошого карабай айылдын инфраструктурасын өнүктүрүү максатында алдыда жакшы ой-максаттар бар. Андыктан, силердей демилгелүү жаштар менен тийиштүү денгээлде бирге өнүктүрсөк деген тилегимди жашырбайм.

- Айылдын, андагы жашоочулардын тагдырынан кыя өтө албасаңыз керек. Мындай шартта кайсы көйгөй сизди көбүрөөк тынчсыздандырып, чечүүгө мүмкүнчүлүк болбой жүрөт...

- Айыл жергесинде көйгөйлүү маселе көп. Көптөн бери чечилбей келген көйгөй, социалдык шаарчаны куруу маселеси турат. Бул жаатта көптөн бери сүйлөшүүлөр жүрүүдө. Бирок, мындай аракеттерибиздин жыйынтыгы чыкпай келет. Эгерде идея ишке ашып калса айылыбыздагы аз камсыз болгон жана жарым жетим, томолой жетим сыяктуу үй-бүлөлөрдүн бирденбир көйгөйлүү маселеси чечилип калат эле. Эгерде социалдык шаарча курулуп калса ишканасы кошо курулуп, эл жумуш менен камсыз болмок. Бул көйгөй бүгүн жетекчи катары мени түйшөлткөн маселенин бири болууда. Мындан тышкары, ирригация жаатында маселелер жана Комсомол айылына таза суу жеткирүү учурдун талабы болуп турат. Өткөн жылы “Өнүктүрүү фонду” аркылуу Комсомолдун таза суу маселеси чечилди.

- Мал-жандыктар жаатынан кандай көйгөйлөр бар? Жасалма уруктандыруу жагын жолго койгондор барбы?..

- Кудайдын кулагы сүйүнсүн, соңку убакта төрт түлүк көбөйдү. Мындай шартта сандан – сапатка өтүү мезгили келди. 3 жыл мурун АРИС уюму менен Жайыт комитети аркылуу айылга 3 бука алып келгенбиз. Бул букалардан алгачкы жылдары жакшы тукум алынганы менен соңку жылы ооруп калгандыктан сатылып кетти. Азыр кайрадан асыл тукум багытындагы мындай букалар алынып келинди. Жаз алды менен айылдагы баданын уйларына кошкону турабыз. Бул жагынан элибиз да кызыгып калышса, сандан–сапатка өтүү жагына батыл киришишет эле. Жасалма уруктандыруу боюнча тийиштүү жабдыктар жок экен. Анан калса бул жагынан бизде ветеринардык адистер да жетишсиз. Жаштар арасынан бул кесипти тандап, окуп келип айылга иштейбиз дегендер жокко эсе болууда.

Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Миң уккандан, бир көргөн артык

Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин алдындагы Туризм департаментинин директору Самат ШАТМАНОВ:

“Шарт болбосо да элибиздин кең пейили, жайылган дасторкону бар”

Кыргызстандын адам баласын суктанткан кооз табияты, асман тиреген бийик тоолору, арча-токойлуу жашыл төрлөрү, тунук суулары жыл өткөн сайын чет өлкөдөн келген туристтердин кызыгуусун арттырууда. Өлкөбүздө туризмдин жайкы, кышкы эки маалы иштеп, барган сайын анын жаңы өңүттөрү ачылып, эл да киреше тапканга үйрөнө баштады. Туристтер аркылуу биз алардын тилин, жан дүйнөсүн таанып билебиз. Алар биздин элдин каада-салты, үрп-адаты, тарыхы, жашоо образы менен таанышып, Кыргызстанды дүйнөгө таанытат.

- Самат Бектурович, Кыргызстан табияты, жаратылышы боюнча Швейцариядан калышпаган дүйнөдөгү эң кооз өлкөлөрдүн катарына кирет. Туризмдин кайсы тармагын өнүктүрсөк максатка ылайыктуу болот?

- Мен сизге адегенде Кыргызстандагы туризмди өнүктүрүүнүн багыттары боюнча жалпы маалымат бере кетейин. Биз башка тармактардан айырмаланып бир жылда жайкы, кышкы эки сезонго даярдык көрөбүз. Аны ишке ашырууда транспорт, саламаттык сактоо ж.б. министрликтер, Президенттин облустардагы өкүлчүлүктөрү менен чогуу иш алып барабыз. Ал эми өткөн 2021-2022-жылдары биздин тармакта жаңылануу бет алган бир топ алгылыктуу иштер жасалды. Биз айрыкча маркетинг багытына басым жасадык. Кыргызстан дүйнөдөгү жаратылышы кооз, өтө уникалдуу өлкө. Бир күндө жылдын төрт мезгилин көрсө болот. Кыргызстанды дүйнө жүзүнө таанытыш үчүн туристтер келе тургандай жагдайды жасашыбыз керек. Буга чейин биздин бюджетибиз 3-4 миллион сомдун тегерегинде болуп келсе, президенттин колдоосу менен биздин бюджет 40 миллионго жетти. Биз азыр дүйнөнүн ар кайсы бурчунда өтүп жаткан жарманкелерге, туризмге байланышкан иш-чараларга активдүү катышып, туризм тармагында эмгектенген ишкерлер менен эки тараптуу келишимдерди түзүп, өзүбүздү таанытууга, туристтерди тартууга кеңири мүмкүнчүлүк алдык.

- Самат Бектурович, учурда кышкы туризмдин кызуу жүрүп жаткан учуру. Кыш айларында биздин өлкөгө кайсы өлкөлөрдөн туристтер келишет?

- Кышкы туризм Кыргызстанда акыркы жылдары гана жакшы өнүгө баштады деп айтсам болот. Буга биздеги тоо-лыжа базаларыбыз, туристтерге көрүлгөн шарттар, жерибиздин климаты өзгөчө таасир берди. Кыргызстанда 25 тоо-лыжа базасы катталган болсо, анын 17си азыр иштеп жатат. Алыскы Америкадан баштап, Европа, Россия, КМШнын курамына кирген өлкөлөрдөн туристтер келишет. Кышкы туризм өткөн жылдын 17-декабрында “ЗиЛ” лыжа базасында расмий түрдө ачылган. Ошол ачылышы болгон күнү Франциядан келип лыжа тээп жүргөн туристтер менен жолугуп, сүйлөштүм.

Европада эң чоң продюсердик компания бар. Ошол компаниянын өкүлүн Кыргызстанга чакырып алып келдик. Алардын 14 миллион адамдан турган аудиториясы бар. Соң-Көлдө реалити-шоу тарттык. Ал дагы биздин ишибизге чоң өбөлгө болду. Андан сырткары эки жылдан бери Кыргызстанда велосипедчендердин жарышын өткөрүп келе жатабыз. Дүйнөнүн 40 өлкөсүнөн 160 спортсмен катышууда.

- Алардын маршруту кандай?

- Маршруту жыл сайын ар башкача түзүлөт. Мисалы, былтыр веложарыш Таластан башталып, Балыкчы шаарында аяктаган. Быйыл Ошто башталып, Бишкекте аяктады. Анын шарттары да өзгөчө. Бир велосипед менен маршруттун аягына чейин келиш керек. Жолдо велосипеди бузулуп калса аны өзү оңдойт. Жарыштын шарты ушундай.

- Келген туристтерге заманбап кызмат көрсөтө алабызбы? Бул багытта кандай көйгөйлөр бар?

- Иш болгон жерде сөзсүз кемчиликтер болбой койбойт. Албетте, көйгөйлөр бар. Чет өлкөдөн келген турист аэропортко келип түшөт. Кардар талашкан таксисттер жүгүрүп барып, туристтин сумкасын колунан жулуп алып, ой-боюна койбой жетелеп жөнөйт. Мындай одоно көрүнүш аларга терс таасир калтырат. Биз үчүн бул көнүмүш адат, а туристтерге коркунуч алып келет. Айрымдары бизди тоноп жатабы деп чочуп да кетет. Ошол үчүн биз аэропортто иштеген таксисттерди чакырып келип, атайын окууларды уюштуруп, сертификаттарды бердик. Ошондой эле борбор шаарда, облустарда, айыл жеринде иштеген туристтик компаниялардын өкүлдөрүн да чакырып келип, кызмат көрсөтүүнүн сапаты, деңгээли боюнча окууларды өткөрдүк.

- Жер-жерлерде кандай көйгөйлөр бар экен?

- Мисалы, жергиликтүү туристтик компанияларды мамлекеттик колдоого алуу начар абалда. Аларга ишкердигин өнүктүрүү үчүн жеңилдетилген насыялар берилбейт. Тазалыкты сактоодо, кызмат көрсөтүүдө, тейлөөдө да маселелер бар. Кээ бир айылдарда мейманкана турсун, эч нерсе жок. Мен туристтер келген айылдардын баарын кыдырып, өз көзүм менен көрүп келдим. Шарты болбосо да элибиздин кең пейили, жайылган дасторкону бар. Ошол үчүн чет элдик туристтер “Кыргыздар меймандос эл. Кыргызстанга барсаң эч качан көчөдө калбайсың, сөзсүз сен түнөй турган жай, ысык чай табылат” деп айтышат экен. Элибиздин меймандостугу, кең пейили да туризмди өнүктүрүүгө өбөлгө болууда.

Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ

Көйгөй

“КАРАЛАРДЫН” КАТАРЫН КАНТИП СУЮЛТАБЫЗ?

Кыргызстанда уюшкан кылмыштуу үч топ бар экен. Алардын катарына миңдеген жигиттер кирип, айрым адамдар тарабынан каржыланып да турарын кечээ Ички иштер министринин орун басары Нурбек Абдиев айтып берди. Министрдин орун басары өткөн аптада Ош шаарында болгон окуядан кийин уюшкан кылмыштуу топтун мүчөлөрүнө кылмыш жоопкерчилигин күчөтүү сунушталып жаткандыгын да билдирди. Ал эгер мыйзам катаалдашса “каралардын” катары суюлат деген пикирде.

Бирок “караларды” мыйзам токтото алабы? Кеп ушунда. Аларга буга чейин көрүлгөн катуу чаралар, жазалар деле таасир этпеди го. Ал мындай кара өзгөйлөрдү ким токтото алат деген ой келет.

Биздин кыргыз коомунда негедир уюшкан кылмыштуу топтордун мүчөлөрүнө билинбеген сый-урмат бардай сезилет. Айрым “акылдуулар”, аткаминерлер аларды жанына алып жүрүп, машинанын жакшысын мингизип, жакшы кийинтип, таасир калтыруу үчүн жанынан чыгарбай, оокат-аш менен камсыздап жүрүп кадырын көтөрүп койгон. Мындай тенденция көп жылдар аралыгында уланып, эч токтобой келет. Анан аларды көргөн жаш балдар криминал болгон жакшы турбайбы деп, бул топко тартылып отуруп каралардын катары калыңдап кетти. Ал тургай спорт тармагында ийгилик күткөн жигиттер да “каралардын” жашоосуна кызыгып, тартылгандарын билебиз. Алардын катарында жүргөн жигиттердин айрымдары эл өкүлү болууга, мамлекеттик кызматтарда иштөөгө жеткен учурлар кездешип келет. Эгер коом уюшкан кылмыштуу топторду жерип, уяткарса алардын катары өзүнөн өзү суюлат беле. Биз эң оболу ушул жолду колдонсок кандай болот?

КАЙДА КАРАП ОТУРУШКАН?

Чүй облусунун Жайыл районундагы жалпы дарыгерлер практикалык борборунда 6 жаштагы кыз каза болду. Кызды дээрлик эс-учун жоготкон абалда Жайыл райондук жалпы дарыгердик практика борборуна 14-январда алып келишкен. Ал ошол бойдон өзүнө келе албай 15-январда каза болуптур. Маалымат берген дарыгерлер 6 жаштагы кыз 12 килограмм салмакта болгондугун айтышты. Саламаттык сактоо министрлиги бейтап ооруканага бронхопневмония, сепсис, диабеттик кетоацидоз жана курч ичегикарын инфекциясы деген диагнозу менен түшкөндүгүн жана көп убакытка чейин тамактанбай жүрүп, организмде суунун жетишсиздиги пайда болгонун маалымдады.

Кыз көп балалуу үй-бүлөдөн болот. Атасы, апасы мигрант экен. Анда алардын ушундай абалга түшкөнүн билген кошуна-колоңу, туугантуушкандары, социалдык жактан коргоо органдары кайда карап отурушкан деген суроо туулбай койбойт. Бул боюнча укук коргоо органдары да текшерүү иштерин жүргүзүп, маалымат берерин айтышты.

Биз материалды басууга берип жатканда Кара-Балта шаардык мэриясы каза болгон кыз үйдүн эң кичүүсү болгондугун, ата-энесин сагынып, куса болуп тамак ичпей калгандыгын, андан кийин апасын чакыртышып, ал ушул жылдын январь айынын башында келип, кайра Россияга кеткендиги тууралуу маалымат беришти. Бул үй-бүлө социалдык жактан аз камсыз болгон үй-бүлө катары каттоодо турган. Мигрант ата-эне балдарын таекесинин колуна таштап кеткен. 2022-жылдын декабрь айында үй-бүлөгө мэриядан көмүргө 5 миң сом, 50 килограмм ун жана башка азык-түлүктөр берилген экен. Албетте жардам жакшы, бирок баланын ден соолугуна эч ким көңүл бурбаганы өкүнүчтүү.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

Саясат эмес, элдин тынчтыгы маанилүү

КЫРГЫЗСТАН БАТКЕНДЕН БАШТАЛАТ

Тажик тараптын кол салуусунан чек арага жакын жайгашкан айылдардагы талкаланган үйлөрдү калыбына келтирүүнү айрым саясатчылар саясий куралга айлантышууда.

Мамлекет башчысы Баткен облусуна жасаган жумушчу сапарында жапа чеккен айылдарга барып, үйлөрү талкаланган тургундар менен жолугушуп, турак жайлардын курулуш иштеринин жүрүшү менен таанышып, толук бүткөн үйлөрдү ээлерине тапшырган болчу. Андан кийин парламентте айрым депутаттар "Курулуш иштери жүрбөй жатат. Болгону 2 гана үй бүттү..." деп трибунадан кыйкырып чыгышты.

Чек арадагы жаңжалда толук, көбү жарым-жартылай болуп жалпысы 418 имарат талкаланган. Ушул тапта талкаланган үйлөрдүн, имараттардын баары кайрадан курулуп жатат. Курулуш иштери жай жүрүп, алардын кышка чейин бүтпөгөнүнө нааразылыктар болуп жатат деген сөздөргө жооп иретинде Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров курулуш иштери кечеңдеп жатат деген сөздөргө негиз жоктугун, эң башкы маселе азыр тынчтык экендигин Баткен облусуна болгон иш сапарында баса белгилеген. Анткени, чек арадагы тажик тараптын куралдуу кол салуусунан кийин үй-жайын таштап качкан тургундардын көпчүлүгү кайрадан үйлөрүнө кайтууга ашыккан деле жок. Акыркы маалыматтар боюнча үйлөрүнө кайтып бара элек жергиликтүү тургундардын саны 4 миңге чукул. Көбүнчөсү мындай абалды ал жактагы тынчтыкка кепилдик жок деп түшүндүрүшүүдө. Ошого карабастан аймактагы үйүнө кайта элек ар бир жаранга мамлекет тарабынан даректүү жардам берүү иштери колго алынган. Үй-жайы толугу менен күйүп кеткен, же ондоого муктаж жарандарга буга чейин да мамлекет тарабынан 149,6 миллион сом кенемте төлөнгөн. Мамлекет тарабынан 824 жаранга 100-200 миң сомго чейин каражат таратылган. Чек арадагы кол салуудан жабыркаган тургундарга БУУнун Дүйнөлүк азык-түлүк программасы жана качкындар иштери боюнча жогорку комиссарынын башкармалыгы аркылуу да 1 миллион долларлык жардам көрсөтүлгөн. Кыштын түшүшү менен 55 миңден ашуун айымдарга жылуу кийим-кечектерди, гигиеналык каражаттарды тапшыруунун аракеттери көрүлүп жаткан чагы. Андан тышкары Президенттин Баткен облусундагы өкүлчүлүгүнүн атайын эсебине 330 миллион сомдон ашуун каражат кайрымдуулук катары түшүп, анын 140 миллионго жакыны чек ара чатагынан жабыркаган жарандарга компенсация катары берилген. "Капиталдык салымдар" беренеси боюнча каралган 3 миллиард сомдун 1,3 миллиард жумшалып, анын 1 миллиард сому турак жайларды курууга, 300 миллион сому жолдорду жана көпүрөлөрдү оңдоп-түзөө иштерине багытталган.

Баткен облусунун чек арадагы айылдарын калыбына келтирүү жана өнүктүрүү маселелери боюнча Президенттин атайын өкүлү Мамыржан Рахимовдун берген маалыматына ылайык ушу тапта Баткен облусу боюнча жалпы 38 турак үй толугу менен бүткөрүлгөн. Ал эми 70 турак үйдүн курулушунун 95 пайызы бүткөрүлүп, ички жасалгалоо, кургатуу иштери жүрүп жатат. Ошондой эле 127 турак үйдүн 85 пайызы бүтсө, 103 турак үйдүн 75 пайыз курулуш иштери аяктап, учурда чатырын жабуу жумуштары жүрүп жатат. Курулуп жаткан 80 турак үйдүн 65 пайызы аяктап, ушу тапта дубалдын үстүнө плита орнотуу иштери аткарылууда. Бир үйдүн баасы 3 315, 0 миң сом деп бааланып, "Аманат Курулуш Инвест"ЖЧКсы аркылуу иш жүзүнө ашырылууда. Мындан тышкары курулуш иштерин жүргүзүү иштери башкы подряддык ишкана тарабынан 33 субподряддык ишканага өткөрүлүп берилген.

2021-жылдын апрель-май айларында чек арадагы болгон талап-тоноо окуяларынан кийин Түркия өкмөтү берген гранттын эсебинен 140 турак үйдүн ордуна жеңил конструкциядан үйлөр салынган. Айрым бөйрөктөн шыйрак чыгарган активисттер ал салынган үйлөрдүн сапаты тууралуу маселе көтөрүшүп, талапка жооп бербей, аба өткөрбөй тургандыгын айтып чыгышкан. Бирок, жергиликтүү тургундар ал үйлөрдүн жылуулукту жакшы сактай тургандыгына ыраазычылыгын билдирип келишет. Президенттин Баткен облусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Т. Мадияров бул жолу курулуш иштерине сапаттуу материалдар пайдаланылып жатканын баса белгиледи. Кыш мезгилине карабай, бардык курулуш иштери талапка ылайык жүргүзүлүүдө.

Жаңы жылдын алдында 11 жаңы үй толук бүтүп, үй ээлерине мамлекет тарабынан 100 миң сом акчалай белек тапшырылган. Баткен облусундагы жаралган абал саясаттан алыс болууга тийиш. Бул бир гана ошол аймакта жашаган мекендештердин кайгысы эмес, бүтүндөй кыргыз элинин кайгысы. Президент Садыр Жапаров дагы "Кыргызстандыктар өз жеринде кор болбой жашайт" деген сөздү жөн жерден айтпаса керек. Мындан кийин Баткен аймагы Кыргызстандын бүткөн жери эмес, жаркын келечекке үмүт арттырган, жаркыраган дарбазасына айланышы шарт. Бүгүнкү жасалып жаткан иштер ошол нукта жүрүп жатпайбы.

Разия ЖООШБАЕВА

"Башсөзчүлөр"

АДАБИЯТТАГЫ ДАЛДАЛЧЫЛАР

"...АТАМДЫН ДАГЫ БИР АЙТКАНЫ БАР: Китептеги кириш сөз деген театрда менин астымда отурган, далысы далдайган, анысы аз келгенсип балпайган бапак кийип алган кишиге окшоп кетет. А киши тиякка бир, биякка бир кыйшактабай түз отурса да бир жөн эмеспи..." Расул Гамзатов (Менин Дагстаным).

Ооба, улуу жазуучу Расул Гамзатов китепти ачканда эле шыпшынып чыга келген "кириш сөз, баш сөз" деген түшүнүккө мына ушундай мүнөздөмө берген. Башка бирөөнүн баш сөзүн мындай кой, өз чыгармасына өзү чубалжыган кириш сөз жазган жазуучуга Расул Гамзатов кандай баа берип жатканын байкадыңызбы? "Китеп окулбай калды, азыркы жаштар китеп окубайт..." - деген жүйө канчалык көп айтылганы менен китептер басмадан тынымсыз чыгып эле жатат. Болгондо да "далысы далдайган, анысы аз келгенсип балпайган бапак кийип алган," өпкөсү калдайган билармандардын кириш сөз, баш сөзү менен басылып чыгууда. Ал китептердин окурманы барбы? Кимдер окуп жатат? Ал башка маселе. Кандай айтсак да китептер үзгүлтүксүз чыгып жатканы бүгүнкү күндүн чындыгы. Мен адабиятчы эмесмин, бирок окурман катары жыйнак чыгарып жаткан сүрөткерлерге ушундай бир ойду айткым келди.

САНАП-САНАП ОТУРСАК, отуз жыл аралыгында ондогон тарыхый романдар жазылыптыр, бирок "Сынган кылычтын" бир барагынчалык салмагы барбы?.. Кара сөз менен жазылган аңгеме, повесттерди барактап көрсөң тар чөйрөдө кээ бир аттуу-баштуу эле жазуу деп аталып алгандар батыштын сыйлыгын эңсеп, ычкырдан өйдө чыгалбай ыбырсыган, балит бир икаяларын коомчулукка таңуулап, адабияттын агартуучулук озуйпасын, улут наркын ойрон кылып бүткөнүн кезиктиресиң. Ырларда сапырылып пырлар жүрөт. Анан өзү ачкүсөндөй напсинин кулу экенин унутуп, баары эле Айтматов болуп кеткиси келгенин көргөндө, күтүүсүз маңка күлкү угулуп, бүтүн денең куруша түшөт. (Ал өзүнчө сөз) Баарыдан окурман журтун тажаткан бир маселе, басмадан жаңы чыгып жаткан китептерге жазылган кириш сөздөр. Өзү кыйратып койгонсуп бирөөнүн китебине баш сөз жазууну адатка айлантып алган "генийлер" өтө эле көбөйүп бараткандай. "Башсөзчүлөрдүн батальонун" карап отуруп заманына жараша "коммерциябы" деген да ой келет. Бу "батальондогулар" базарда май саткан менен чай саткандардын "ценниктерине" чейин баш сөз жазып отуруп аларды өз чөйрөсүнүн атактуу жазуучу, акындарына айлантып алышты. Бир баш сөз жазганы үчүн бир табак аш доолап жеген же бир кафе, мейманкана аркылуу узап кеткен "башсөзчүлөр" да бар экени эл арасында айтылып жүрөт. Өз чыгармасында өөдүк-сөөдүк ойлорду айтып жүрүп көрөңгөсү түгөнгөн кээ бир улуу муундун өкүлдөрү, эми кичүү муундун али окурман колуна жете элек китептерине кириш сөз жазып, учкашып алганы окурман үчүн ирээнжүүдөн башка эмине алып келет?! Китепкөй китепти колуна алганда, бирөөнүн чыгармасын чечмелемиш болуп окурманга өз оюн таңуулаган ошол "башсөзчүнүн" сөлдүрөгөн сөлөкөтү көз алдына келе түшкөндө, жаш калемгердин эмгегин жаңы үн, жаңы чыгарма катары кабылдай албасын түшүнүшөбү?! Ошончо эле жаштарды сүрөп, чыгармаларын жалпы журтка чечмелеп бергиси келсе, китеп чыгып окурман колуна жеткен соң, чыгарманы окуп, маани-маңызына терең токтолуп, калыс пикирин башка жактан, өзү жүргөн үлкөн топтун арасында, улуу трибунадан жалпы элге айтса мыкты болбойт беле.

"МЕН ДАЛЕ ТИРҮҮМҮН," деген ойду туюнткандай жаш муундун жонуна өлүмтүктөй жармашып, "алтымыш асый болсо да аарыбаган" "башсөзчүлөр" киргилт тарткан кириш сөзү менен жаштардын артына жармашканынан баш тартса, адабият айдыңы окурман журтуна таңууланган өлүмтүк ойлордон арылып, бир күрсүнүп жеңилдеп алып, анан өз нугуна түшөт эле. Чыгармалар окурманга "суфлеру" жок таза бойдон, түз жетмек. Бир автордун коомчулукка жарыялана элек чыгармасына башка кишинин баш сөз жазуусу, башка бир өсүмдүктүн тамыры менен азыктанган сары чырмооктой эле элес калтырат. Али китепкөйлөрдүн колуна жете элек жаңы жыйнакка пикир айтып, окурманга таңуулаганга кимдин укугу бар? Чыгарма окурман үчүн жаралган болсо, анда аны сүрөткер далдалчысы жок окурманга түз жеткирүүсү зарыл. Кичүү муун да биринен көрүп экинчиси алакандай китебине, жалайыктай баш сөз жаздырып чыгарууну эп көрүп, аны адатка айлантып баратканы байкалууда. Бирөөнүн жетеги менен белге энтеңдеп чыгып алгандар, ылдый көздөй өзү түшөрүн унутпашы керек. Ар бир жазуучу, акын өзүнчө бийик дүйнө, эч кимге окшошпогон чексиз аалам эмеспи. Ал окурман журтуна ортомчусу жок түз чыгууга милдеттүү. "Башсөзчүлөрдүн" сүрмө тобунун сүрөөнү менен келаткандар ошолордун фонунда тепселенип каларын сезер бекен? "Генерал болгонду каалабаган жоокер, жоокер эмес" - дегендей, "Башсөзчүдөн" бийик ойду бералбаган сүрөткердин окурманга кереги барбы?!

АНАН ДА, адабият айдыңында жаңыдан чыгып келаткан кичүү муундун өкүлдөрүнөн таасирленүү жөнүндө сурап калсаң, дароо эле Марина Цветаева, Анна Ахматова, Борис Пастернак, Антон Чехов, Юнус Эмре, Жалалидин Руми, Иоганн Гёте, Габриэль Маркес... өндөнгөн дүйнөлүк жазуучулардын узун тизмесин айтып киришет. Кыргыз адабиятынын өзөгүн түзгөн элдик оозеки чыгармачылык өкүлдөрү жөнүндө көпчүлүгүнүн толук түшүнүгү жок. Ой жүгүртүү алкагына он сегиз миң аалам баткан Кетбука, Токтогул, Толубай, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Калыгул, Казыбек, Сагынбай, Саякбай, Көкөтөй, Калмырза, Барпы, Жеңижок, Нурмолдо, Шаршен, Эшмамбет, Коргоол, Осмонкул, Алымкул, Токтонаалы, Ысмайыл... баш болгон залкарларды ким окуйт? Адабияттагы улуттук түп нускалуулукту түшүнбөй туруп улуттук тилде улуу ойлорду жаратуу мүмкүнбү? Анан эле бир нерсени будамайлап чиймелеп алып, анысын баягыларга алып барып баш сөз жаздырып, китеп чыгарууга ашыгууда.

"ОШЕНТСЕ ДА, канчалык жасалгаланбасын, жаман китеп жаман эле бойдон калат. Аны туура баалоо үчүн бетиндеги чүмбөтүн сыйрып таштап, анан кароо керек..." "Таланттан, жигердүүлүктөн куру калган, өз сыймыгын унуткан айрым сүрөткерлер товарларын өткөрүү үчүн жаркырап көрүнгөн форманын ары жагына жарым-жартылай ойлорун жашырып калам деген кыязда бөлөк бир кийимдер менен жасанып алышат..." "ОШОНДОЙ ЭЛЕ, баланы сүннөткө отургузганда каздын канатын көрсөтүшөт. Бирок бул жөн гана баланы алдоо үчүн. Каздын канаты менен эчтеке кеспейт, бул ишке курч устара керек. Бирок да китепкөйлөр алдап, сооротуп койгудай бала эмес..." - деп айткан жери бар Расул Гамзатовдун. Бул жерде чындык ким тарапта, аалам алпы Расул Гамзатовдобу же каздын канаты менен "жаштарды сүннөткө отургузуп келаткан Башсөзчүлөрдөбү?" Аалынын кылычындай алмаз миздүү чыгармалары менен "башсөзчүлөрдүн" башын кесе чапчу жаштар барбы?!

Бахпурбек АЛЕНОВ

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Аймак өнүксө – мамлекет өнүгөт

Манас районунун Май айыл өкмөтүнүн башчысы Кубанычбек РЫСКУЛОВ:

“Жашылдандырууга артыкчылык берип жатабыз”

Манас районунун Май айыл өкмөтүнүн башчысы Рыскулов Кубанычбек мырза бир топ жылдардан бери аталган аймакты жетектеп, элет жеринин экономикасын көтөрүүдө зор ийгиликтерди камсыз кылып келе жатат. Аймактын эли элдин жашоо-шартын жакшыртуудагы эмгегин, сый-урматка ээ болгон татыктуу жетекчилигин жогорку баалашып, кайра-кайра айыл өкмөт башчылыгына шайлашып, алдыга койгон максаттарды жүзөгө ашырууда эриш-аркак иш алып барышууда. Талас облусундагы айыл өкмөттөр арасында жарыяланган “Мыкты айыл аймагы” сынагында Май айыл өкмөтү байгелүү орунду камсыз кылып, атайын сыйлыктар менен сыйланып, зор жеңишке жетишти. Ал эми Манас районундагы айыл аймактар арасында Май айыл өкмөтү биринчи орунду камсыз кылган учурлар болду.

Май айыл өкмөтүнүн башчысы Кубанычбек Рыскулов менен болгон маегибизде ийгиликтерге жетелеген аракеттер туурасында сөз болду.

- Кубанычбек Ракынович, жаңы жылдын башында сиз менен маек уюштуруу удулу келип калган экен. Жыл жаңырганы менен өткөн жылга саресеп салып, жасаган иштин жыйынтыгын чыгарган учур келди да. Өткөн жылы айыл аймагында кандай ийгиликтерге жетиштиңиздер?

- Туура айтасыз. Албетте, ар бир жылды узатып, жаңы жылды тосуп жатканда эл алдында дагы өзүбүздүн толгонуубузду өзүбүзгө отчет беребиз. Купулга толо турган ийгиликтерге жетишсек, мезгил агымынан калышпай ийгилик жаратканыбызга кубанабыз. Өткөн жылы мамлекетибиздеги болуп жаткан өнүгүү реформаларынын алкагында бир топ иш-чараларды уюштурдук. Жыл башынан эле эң алгач «2022-жылы Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы деп жарыялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 31-январындагы №17-сандуу Жарлыгын аткарууга аракеттерди жасадык. Май айыл өкмөтүнүн социалдык инфраструктурасын, санитардык абалын жакшыртуу жана көркөндүрүү, жашылдандыруу масатында ар бир жумада ишембиликтер өткөрүлүп турду. Айыл өкмөтүнө караштуу Ш.Кочкорбаев, Б.Узенов атындагы орто мектептерде, Б.Сагындыков атындагы бала бакчанын, №4 ҮДТынын, СПА «Дыйкандын» жамааттарына бөлүнгөн аймактардан таштандылар тазаланып, талтеректерди актоо иштери жүргүзүлдү. “Жашыл мурас” долбоорунун алкагында айыл өкмөтүбүзгө караштуу коомдук жайларга балатылардын, мажүрүм талдардын, ак кайыңдардын көчөттөрү отургузулуп, жашылдандыруу иштери жүргүзүлдү. Жыл ичинде Президентибиз С. Жапаровдун 30 Жарлыгын аткарууга буйрук келип, ар бир Жарлыкка карата берилген тапшырмаларга дал келген иш-чаралар уюштурулуп, иш-жүзүнө ашырылууда. Ал эми Министрлер Кабинетинен айыл аймакка тиешелүү 20 токтом келип, ал дагы тиешелүү деңгээлде аткарылууда. Ар бир токтомго токтолуп, атап айта турган болсок – Кыргыз Республикасынын 2021–2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасы 2021-жылы 1-октябрда №510 токтом менен иштелип чыгып, бүгүнкү күндө иш жүзүнө ашырылууда. Жер мунапысын жүргүзүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу 2022-жылы 31-майда №291 токтом кабыл алынган. Ал токтом боюнча дагы азыр иштер улантылууда. Министрлер Кабинетинин тескемелеринин иш-чараларын аткарып, келечекте пайда бере турган жактарына ыктап иш алып бардык.

- Аймактагы социалдык обьектилерди, инфратүзүмдөрдү жакшыртуу жана зарыл болгон имараттарды оңдоп-түзөө, жаңыларын куруу жактары кандай колго алынды?

- Ооба, аймак ичиндеги эл кызматындагы чарбаларды сактап, эл кызматына жараган абалында кармоо дагы көп аракеттерди талап кылат. Өткөн жылы оңдоп-түзөө үчүн планда көрсөтүлгөн жолдор жана көпүрөлөрдү оңдоо иштери аткарылды. Алардын айрымдарына токтоло турган болсом, Новодонецк айылынын башында жайгашкан 300 метр каналы казылып тазаланды. Ушул эле айылдагы И.Кочкорбаев атындагы көчөгө шагыл төшөлдү. Жайыт жердеги таштандылар толугу менен тазаланып чыгарылды. А.Осмоналиев, А.Чыналиев, Каликеев, Молдоналиев, Осмоналиев көчөлөрүнө 82 карагай мамычалары орнотулуп, электр чубалгылары тартылды. Андан башка А.Осмоналиев, А.Чыналиев көчөлөрүнө шагыл төгүү иштери жүргүзүлдү. Ч.Уразбекова, А.Чыналиев көчөлөрүндөгү суу батпаган эски көпүрө оңдолуп, ишке берилди. Акчабаев көчөсүндөгү суу батпаган чоң канал тазаланды. С.Отошев көчөсүндөгү ички дренаж бүтөлүп суу көтөрүлүп кеткендиктен, дренажды тазалоо иши жүргүзүлүп, айылдыктар үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлдү.

- Акыркы мезгилдерде аймактардын өнүгүүсүндө инвесторлордун жардамы күчтүү. Бул багытта кандай иштерди жасадыңыздар?

- Элетти негизинен ишкерлер өнүктүрүүдө. Биз дагы эл бага турган азаматтарыбыздын күчү менен көп иштерди жасап жатабыз. Ошондой эле республикалык бюджеттин, облустук, райондук өнүктүрүү фондунун жана эл аралык кайрымдуулук фонддорунун жардамы менен бир топ долбоорлорду ишке ашырууга жетиштик. Атап өтсөм, “Манас” өнүгүү фондусу аркылуу Б.Узенов орто мектебине азык-түлүк сакталуучу кампа курулуп, ишке берилди. Түрткү берүүчү гранттын эсебинен Ш.Кочкорбаев атындагы орто мектебине 75 балага ылайыкталган кошумча корпус курулуп жатат. “Манас” өнүгүү фондусу аркылуу ушул эле мектепке көмүркана курулуп берилди. Айылыбыздын жаңы конуштарындагы Чыналиев, Жөнөтбаев көчөлөрүнө көмөкчү чордон орнотулуп, жакын арада ишке берилери күтүлүүдө. Ошондой эле жаштарды иш менен камсыз кылуу үчүн “Манас“ өнүгүү борборунун демилгеси менен колбаса цехи ачылып, жакын арада ишке берилет. Айыл аймагында ишкерлерди колдоо максатында аларга ар тараптан колдоо көрсөтүү боюнча иштер жүргүзүлүп келет.

- Маданиятты өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан колдоо багытында кандай иштерди жасап жатасыздар?

- Улам мезгил алга карай шашылган сайын калкыбыздын маданиятка, улуттук көөнөрбөс мурастарыбызга болгон кызыгуусу күч алууда. Айыл аймагыбызда биз дагы элеттик

адамдардын табитине, кызыгуусуна төп келген маданий иш-чараларды өткөрүп жатабыз. Ушул иш-чаралардын баардыгы Президенттин, Министрлер Кабинетинин Жарлыктарын ишке ашырууга багытталган. Маселен, “Куттуу элдин урааны – “Манас“ аттуу республикалык форумду уюштурууда, манасчы, төкмө акындардын фестивалын жогорку деңгээлде өткөрүү максатында иш-чара жүргүзүлдү. Советтер Союзунун легендарлуу Баатыры Ч.Тулөбердиевдин 100 жылдыгы салтанаттуу белгиленди. Ага жергиликтүү бюджеттин эсебинен акча каражаты бөлүнүп берилди. Андан тышкары, малчыларды колдоо максатында “Чаткал”, “Суусамыр”, "Кан жайлоо" жайлоолорунда малчыларга жогорку деңгээлдеги маанай тартуулаган маданий иш-чаралар өткөрүлдү.

Ал эми социалдык маселелерге кайрылсак, Май айыл аймагынын аз камсыз болгон, жакыр үй-бүлөлөрүнө, юридикалык документтери бүтпөгөн жарандарга айыл өкмөттүн социалдык маселелерди чечкен жетектөөчү адиси жардам берип турат. Ар бир майрамга тиешелүү белектер берилип, жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржыланат. Андан тышкары көмүр, дары-дармекке, гемодиализге муктаж жарандарга акчалай жардам, азык-түлүк түрүндө жардамдар берилди. Социалдык контракттын негизинде 10 үй-бүлө 100 (жүз миң) сом акча каражаты менен каржыланып, өндүргөн продукциялары менен Манас районунун борбору Покровка айылында уюштурулган жарманкеге катышып келишти.

- Аймакта салык топтоонун абалы кандай болду?

- Салык маселесине кайрылсак, жылдын жыйынтыгы менен берилген план толугу менен 100%га аткарылды. Жеке адамдардан 416000 сом, ишкерлерден 410000 сом, ижара акылардан 380000 миң сом каражат чогулду.

- Аймакта билим берүү тармагына кандай колдоолор көрсөтүлүп жатат?

- Май айыл аймагында 2 мектеп, 1 бала бакча бар. Мектептерде жалпысынан 923 окуучу билим алып, 79 мугалим эмгектенет. Бала бакчада 100 бала тарбияланып, 13 тарбиячы иштейт. Билим берүүчү мектептерге жайкы каникулда жергиликтүү бюджеттин эсебинен оңдоо иштери жүргүзүлдү. Ш.Кочкорбаев атындагы орто мектебине 58300 сом, Б.Узенов атындагы орто мектебине 46000 сом жалпысынан 104300 акча каражаты жергиликтүү бюджеттен которулуп берилди. Оңдоо иштери өз убагында бүткөрүлүп, жаңы окуу жылына толук даяр болушту. Бала бакчага жайкы оңдоо ишине 38240 сом, ар кандай чыгымдарына 24500 сом, жалпысынан 62740 сом жергиликтүү бюджеттин эсебинен чегерилип берилди.

- Саламаттык сактоо багытында кандай иштер жүрүүдө?

- Май айыл аймагындагы №4 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунда 1 врач, 1 фельдшер, 4 медайым, 2 санитар, 1 кароолчу болуп, жалпысынан 10 адам эмгектенет. Аймактагы жарандардын ден-соолугун сактоо жана коргоо боюнча талапка ылайык иш алып барышууда.

СЭД программасы айыл өкмөтүнө киргизилген. Азыркы учурда толук кандуу иш жүргүзүлүп, 96,8% такталды. Талапка ылайык жумуш алып баруу үчүн дагы техникалык жардамдар керек. Биз азыр ушул жагдайларды ирээтке келтирүү үчүн иштеп жатабыз.

- Айыл аймагында “Санарип аймак”, Е-Кызмат деген программалар кандай жүзөгө ашып жатат?

- Айыл аймагында «Санарип аймак» программасы боюнча окуулар болуп өтүп, логин, пароль алынган. Айыл өкмөтүндө 796 түтүн үй-бүлө бар. Бүгүнкү күнгө карата 765 түтүн ушул программага киргизилип, аткарылчу милдеттердин 94,2%ы аткарылды. Эл арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, үйлөрдү каттоодон өткөрүү иштери толук кандуу аяктап жатат. Е-Кызматы менен толугу менен иштеп жатабыз. Кызматкерлерибиздин баардыгы ушул кызматтын программасынын алкагына киргизилген. Алар Инфодокус программасы менен иштеп, ар бир кызматкер өздөрүнүн милдеттеринин негизинде иш алып барууда.

- Учурда аймактарды өнүктүрүү жылынын алкагында элет элин таза суу менен камсыз кылуу күн тартибиндеги маселе болууда. Бул багытта кандай иштерди жүргүзүп жатасыздар?

- Манас районунда биздин Май жана Үч-Коргон айыл өкмөтүндө калкты таза суу менен камсыз кылуу боюнча катуу аракеттер көрүлүп жатат. Анын натыйжасы жаман эмес. Биздин айылыбызда таза суу жок болчу. Ар бир үйдө скважинадан суу чыгарып, ошону пайдаланыша турган. Новодонецкий жана Май айылдарында Азия өнүктүрүү банкынын каржылоосу менен таза суу чыгарылууда. Айыл өкмөт жетекчилиги тарабынан таза суу чыгарууга багытталган камылгалар көрүлүп бүттү. Ушул долбоорду ишке ашыруу үчүн бизге коюлган талаптарды толугу менен иш жүзүнө ашыруурга жетиштик десем болот.

- Азыр жарандардын коопсуздугун камсыздап, тынчтыгын сактоодо, коомдук тартипти иретке келтирүүдө кандай аракеттер жүрүүдө?

- Албетте коомдук тартипти сактап, адамдардын бейкуттугун камсыздоо үчүн айылыбызда ырааттуу иштер жүрүүдө. Маселен, айыл аймагындагы аксакалдар кеңеши, аялдар комитети, жаштар комитети, активдүү тургундарыбыз коом тынчтыгына кылдат көз жүгүртүп, бейкутчулукту сактоодо жапырт иш алып баруудабыз. Айылыбыздын имам-молдосу дагы жаштарыбызды ыймандуулукка, эмгекке чакырып, чоң жардамдарды берип жатат. Анткени азыр жаштардын дээрлик көпчүлүгү мечитке тартылышып, динге басым жасап жатышат. Коомдук тартипти сактап, бейкут жашоодо жашоо чоң байлык экендигин айтып, ыркы кеткен өлкөлөрдөгү кейиштүү жагдайларды мисал келтирип, калк катмарына тарбия маалыматтарын жеткирүүдөбүз. Алкоголь ичимдиктеринин зыяндуу кесепеттерин айтып, түшүндүрүп, соода түйүндөрүндө арак-шараптарды саттырбай коюу үчүн аракеттер көрүлүүдө.

- Сиз жетектеген Май айыл аймагы Казак мамлекетинин чек арасы менен чектеш жайгашкан. Ушул жагдай кандайдыр бир маселелерди жаратпайбы?

- Албетте, чек арага жакын жайгашууда кандайдыр бир маселелерди жараткан учурлар болгон. Контрабандалык жол менен товар ташып өткөн учурлар каталган. Чек ара кызматкерлери менен биргеликте иш алып барып, ошол мыйзамга жат көрүнүштөрдү жойдук. Чек араларды бөлүп турган зымдардын ортолору бекемделип, орчундуу жерлерибиз калыбына келтирилди. Тээ илгери, союз мезгилинде Казакстанга каалагандай кирип чыгып тиричилик жасап көнгөн элибиз бир топ жылдар бою чек ара тартибине көнө албай жаман болушту. Мал жандыктары алардын жерине кирип кетип, аны чыгара албай убара тартып, ар кандай тартип бузуулар катталып кыйынчылыктар абдан эле көп болгон. Азыр эл тартипке көндү. Чек арага 50 метр калганда тык токтойт дагы тиричилигин бери көздөй бурат. Казакстан менен биздин айылыбызды бөлүп турган чек аранын узундугу 4 чакырымдан ашат.

Айыл өкмөт башчысы Кубанычбек Рыскулов узак жылдардан бери элдин ишеничине ээ болуп, ушул кызматты аркалап келет. Эл ишенимин туу тутуп, алардын айыл аймагы менен байланышкан үмүттөрүн, максаттарын ишке ашырып, кадыр-баркка, урмат-сыйга ээ болду. Кубанычбек мырзанын жетекчилиги астында көптөгөн долбоорлор ишке ашып, Май айылынын жашоочулары кубанып турчу күндөр алдыда. Кубанычбек мырзага жана анын элине аманчылык, бакубатчылык каалайбыз.

Раиса ДҮЙШӨНБЕКОВА

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Жылдыз өчсө да, жарыгы өчпөйт

КЕП МЕЗГИЛДЕ ЭМЕС, МЕЗГИЛ КААРМАНЫ БОЛО АЛГАНЫНДА...

Сары-Өзөн Чүйдүн Кегети айылынын кулуну, өлкөбүздүн билим берүү тармагынын белдүү окумуштуусу, педагогика илимдеринин доктору, профессор, КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер Искендер агабызды арбаган ажал алып тынды. Суук кабар наркнасилдүү Кегети айылынын жалпы тургундарынын, ага-тууган, бир туугандарынын, куда-сөөк, курбу-курдаштарынын, учурунда агадан билим-тарбия, көмөгүн алышкандардын, көптөгөн илим жолуна түшкөн шакирттеринин жүрөгүн сыздатты.

Аганы акыркы сапарга узатуу зыйнатында анын мыкты уюштуруучу, дасыккан илимпоз, жолдошчулукка бекем, ар дайым жайдары, көңүлү көтөрүңкү, табиятынан жөнөкөй, Жараткан берген өмүр жолунда көптөгөн улуу-кичүүгө жарыгын чачып, эсте каларлык өмүр кечиргенин айтышты. Искендер Исамидинов 1968-жылы босогосун аттаган КМУнун филология факультетинде студент, окутуучу, улук окутуучу, доцент, декандын тарбия, окуу иштери боюнча орун басары, кадрларды максаттуу даярдоо институтунун директору, окуу жайдын тарбия, окуу иштери боюнча проректору, ал эми 2011–2014-жылдары окуу жайдын ректорлугуна дайындалган. Анын бирге окуган курсташтары, кесиптештери Исамидиновдун өз кесибин жогорку деңгээлде өздөштүргөн татыктуу жетекчи катары баалашып, алардын эс тутумунда бекем сакталарын айтышты.

Ооба, Искендер Исамидинов Жараткан ыроологон тубаса адамгерчилиги, мыкты уюштуруучулук таланты менен кайда болбосун жогору кадыр-барк күтө алды. Мына ошол тубаса энергиясы бала күнүнөн ичтен туйлаган улан билим бешиги болгон Кегети орто мектебин 1968-жылы эң жакшы бүтүрүп, ооздугун кемирген жаш күлүктөй алдыга октос берип, ошол эле жылы КМУнун филология факультетинде бирге окуган курсташтарынын арасында мыкты студенттердин катарына кошулат.

Табиятынан жөнөкөй Искендер ага жек-жаат, ага-туугандарына үлгү болгон инсан эле. Өмүр жолунда кызматтын, илимдин туу чокусуна жеткенине карабастан, кээ бир чоң кызматтарда иштегендерге, илим сересин багындырышкандарга салыштырмалуу өтө жөнөкөй инсан эле. Ал өз доорунун акыл-эси, ар-намысы болууга үндөгөн мезгил чакырыгын ички туюм-духу менен сезе билди. Ошол мезгилдин, өмүрдүн кымбат ирмемин кармап калууга далалат кылды. Кеп мезгилде эмес, кеп мезгил каарманы боло алган адамда экендигин туя алды. Мына ушул адам баласында сейрек кездешүүчү асыл сапат Искендер агада бар эле.

Эң башкысы сөзү менен иши терең айкалышып, эмгек жолунда жаратмандык менен үзүрлүү эмгек өтөдү. Мындай асыл сапаттарга эгедер болушкан инсандарды элибиз мезгил менен бирдей кадам шилтешкен мыкты атуулдар дешет. Себеби, мындай сапат титул эмес, кызмат да эмес. Бул наам менен эч качан, эч убакта сыйлабайт, ага кызмат кылбастан, ага татыктуу болууга, эмгек сиңирүүгө дайыма ички ыймандын бийик арзуусу гана керек.

Кутман элибиздин “Аккан арыктан суу агат” деген накыл кеби бар. Искендер ага кээ бир атуулдардай өзүнүн түпкү теги жөнүндө көөдөн көтөрө көкүрөк каккан эмес. А бирок, Искендер ага карт тарых тастыктаган түпкү теги жөнүндө сыймыктана айтуусуна жүйө бар эле. Ал элижуртун коргогон, ынтымагын бекемдөөгө олуттуу салым кошкон Сарбагыштын, Манап бийдин, Атаке баатырдын урпагы.

Аганын ар кандай жооптуу кызматтарында, илим сересине умтулган өр жолунда 50 жыл бирге бактылуу өмүр кечирүүсүнө өмүрлүк жубайы Бактыгүл жеңе, уул-кыздарынын жашоодогу ийгиликтери дем-күч берди. Агабыз бир келген өмүрүндө окумуштуу, жетекчи, ата, чоң ата, таята катары өз милдетин жакшы өтөп, уул-кыздарын, неберелерин эркелетип, жаш кездеги мээнетинин үзүрүн көрдү.

Искендер ага дүйнөдөн өтсө да нардай жүк көтөргөн эмгекчилдиги, мыкты уюштуруучулугу, салабаттуу басмырт жүрүм-туруму, айылдаштарынын, ага-туугандарынын жүрөк түпкүрүндө түбөлүккө бекем сакталат. Бул эскерүү элине, өзгөчө билим берүү тармагына бараандуу эмгек өтөп, өрнөктүү жана татыктуу жашап өткөн, ар дайым кепкеңешин аябаган Искендер аганын бейитине койгон гүлдестем болсун!

Жаркын элесиңиз ар дайым эсибизде, тынч уктаңыз Искендер ага!

Бактыбек ИМАМАДИЕВ

Адабият – достукка данакер

Өзбек-кыргыз жазуучусу Рахим КАРИМ:

“Мен котормочуларды, сокурларды жетелеген адамдарга окшоштурам”

- Сиз менен көркөм котормо жөнүндө кененирээк баарлашсамбы дейм. Көркөм котормонун негизги максаты кайсы? Өзүңүздүн тажрыйбаңыздан улам айтсаңыз, орто чыгарма деле мыкты котормочунун колунан жакшы чыгармага айланат деген көз караш бар. Ушул туурабы?

- Котормочулук чоң санат. Мен котормочуларды, сокурларды жетелеген адамдарга окшоштурам. Башка тилде жазылган ырга, же аңгемеге бул тилди билбеген адам канчалык карабасын, аны ошол эле сокур адамдай көрө албайт. Ушундай адамдарга жардам берүү максатында мен өзүм жакшы билген тилдерге башка тилдерден чыгармаларды которуп, алардын көзүн ачып, жакшы иштерди жасап, сооп алгым келет. Бир улутту экинчи улут менен, бир маданиятты башка бир маданият менен байланыштырууга аракет кылып, достук көпүрөлөрүн куруугa умтулам.

Эл билиши керек болгон чыгармаларды чет элдик же ата мекендик жарандарга тезирээк жеткирүүгө аракет кылам. Мисалы Кыргыз эл акыны Эгемберди Эрматовдун “Мухаммед пайгамбар” дастанын өзбек жана орус тилдерине, Кыргыз эл жазуучусу Мурза Гапаровдун “Мейман” повестин өзбек тилине, “Кыргызстандын маданиятына эмгек сиңирген ишмерлер” Таш Мияшовдун “Махабат менен коштошуу” повестин, акын Кармышак Ташбаевдин «Бийик жердин балдары» аттуу ырлар жыйнагын өзбек тилине, жазуучу Сапар Абыловдун “Көрүстөндөн кайткан аял” повестин, “Алтын кепич” жомоктор китебин, жазуучу Төлөн Жолдошевдин “Манас” романын өзбек тилине, баткендик жазуучу Аскаралы Ражабалиевдин «Мусаапыр» аттуу повесттер жыйнагын орус тилине, акын Маркабай Ааматовдун ырларын өзбек тилине которгом. Ошондой эле кыргыз классиктери Алыкул Осмонов, Жолон Мамытов, Абдирашит Урбаевдун ырларын өзбек, орус жана англис тилдерине которуп, бир топ чет өлкөлүк сайттарда жарыяладым.

Мындан тышкары Өзбекстандын Баатырлары, Өзбекстан эл акындары Абдулла Ариповдун эки томдук ырлар, дастандар жана драмалар жыйнагын, Эркин Вахидовдун ырларын кыргыз, орус жана англис тилдерине, Өзбекстан эл акындары Аман Матчан, Халима Худайбердыева, Мухаммад Юсуф, акындар Равшан Файз, Фарида Афроз, Дилбар Хайдарова, Гулчехра Шахабидин кызы, Адыл Икрам, Мухаммад Исмаил, Алым Осаров өңдүү акындардын ырларын орус жана англис тилдерине, өзбек поэзиясынын классиктери Алишер Навои, Захириддин Мухаммад Бабур, Бабарахим Машраптын казалдарын, рубаилерин кыргыз, орус жана англис тилдерине котордум.

- Бир тилден экинчи тилге оодарып жатканда кандай кыйынчылыктар көбүрөөк кол байлайт? Которгонго белсенген тилдеги чыгарманын мыкты чыгышы үчүн эмнелерди билүү же үйрөнүү керек деп ойлойсуз?

- Бир тилден экинчи тилге которууда эң кыйын нерсе – автордун стилин, деңгээлин, маанисин сактап калуу. Котормочу котормодо ийгиликке жетүү үчүн адегенде ошол тилде эркин сүйлөгөн жана ошол деңгээлдеги акын же жазуучу болушу керек. Анын жогорку филологиялык билимге ээ адис жана бул кесипте көп жылдык тажрыйбасы болушу абзел.

- Сиз башка авторлор менен кандайча иштешесиз? Алардын чыгармалары сизге жакканы үчүн которосузбу, же ар кандай зарылдыктан уламбы?

- Мен авторлордун өтүнүчү боюнча алар менен оозеки иштешем. Бирок мен абдан начар менеджермин. Ушул күнгө чейин аткарган котормо иштерим үчүн төлөнүүсү керек болгон калем акынын 90 пайызын ала элекмин. Мунун көптөгөн себептери бар. Мен алардын артынан чуркап калем акымды талап кыла албайм. Бул менин мүнөзүмө туура келбейт. Буга убактым да жок. Кээ бир чет элдик авторлор чыгармаларын кыргыз, өзбек, орус тилдерине которуп, басып чыгарууга көмөк көрсөтүүмдү суранышат. Мен аларга калыс жардамдашуудан баш тартпайм. Алардын өздөрүн бактылуу сезиши үчүн колумдан келген бардык жардамды көрсөтөм. Кудай каалабаса мени алар менен жолуктурмак эмес деп ойлойм. Кыскасы, котормочулук менен зарылчылык үчүн алектенбейм. Мага котормо менен иштөө абдан жагат. Жогоруда айткандай, мүмкүн болушунча “сокурлардын” көзүн ачкым келет. Мен көбүнчө кайрымдуулук үчүн иштейм. Себеби, мен адабиятка акча табуу үчүн келген жокмун. Эгерде китептеримди сатууга туура келип жатса, буга мен күнөөлүү эмесмин. Буга мезгил, заман айыптуу деп билем.

Кийинки сурооңузга келсек, өзүмө жакпаган же окурманга эч кандай таасири тийбеген чыгармаларды которбойм. Мага канча акча сунуштаса да. Анткени менин максатым которуу жолу менен акча табуу эмес, жогоруда айткандай адамдарды руханий жактан байытуу, маданияттарды бириктирүү. Элибизде ушундай кеп бар эмеспи: “Казанда болсо, чөмүчкө чыгат” деген. Чыгармада эчтеке жок болсо, аны мыкты котормочу да кооздоп, жакшырта албайт деп ойлойм. Кээ бир котормочулар ушундай кылса, алар адабиятка чыккынчылык кылып жатышат деп ойлойм. Мунун баары ар кимдин өз абийирине байланыштуу. Бирок, мындай көрүнүшкө мен таптакыр каршымын.

Ризван ИСМАИЛОВА

2022-ЖЫЛДЫН 19-АПРЕЛИНДЕ МОСКВА ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН 2015-ЖЫЛДЫН 8-МАЙЫНДА КОЛ КОЮЛГАН 2014-ЖЫЛДЫН 29-МАЙЫНДАГЫ ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИ ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМГЕ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОШУЛУУСУНА БАЙЛАНЫШТУУ 2014-ЖЫЛДЫН 29-МАЙЫНДАГЫ ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИ ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМДИН, ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИНИН УКУГУНА КИРГЕН АЙРЫМ ЭЛ АРАЛЫК КЕЛИШИМДЕРДИН ЖАНА ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИНИН ОРГАНДАРЫНЫН АКТЫЛАРЫНЫН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ТАРАБЫНАН КОЛДОНУЛУШУ БОЮНЧА ШАРТТАР ЖАНА ӨТКӨӨЛ ЖОБОЛОР ТУУРАЛУУ ПРОТОКОЛГО ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ ПРОТОКОЛДУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2022-жылдын 30-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

2022-жылдын 19-апрелинде Москва шаарында кол коюлган 2015-жылдын 8-майында кол коюлган 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимге Кыргыз Республикасынын кошулуусуна байланыштуу 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин, Евразия экономикалык бирлигинин укугуна кирген айрым эл аралык келишимдердин жана Евразия экономикалык бирлигинин органдарынын актыларынын Кыргыз Республикасы тарабынан колдонулушу боюнча шарттар жана өткөөл жоболор тууралуу протоколго өзгөртүү киргизүү жөнүндө протокол ратификациялансын.

2-берене

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги көрсөтүлгөн Протоколдун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө Евразия экономикалык комиссиясына кабарласын.

3-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2023-жылдын 10-январы, №1

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О РАТИФИКАЦИИ ПРОТОКОЛА О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЯ В ПРОТОКОЛ ОБ УСЛОВИЯХ И ПЕРЕХОДНЫХ ПОЛОЖЕНИЯХ ПО ПРИМЕНЕНИЮ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ ДОГОВОРА О ЕВРАЗИЙСКОМ ЭКОНОМИЧЕСКОМ СОЮЗЕ ОТ 29 МАЯ 2014 ГОДА, ОТДЕЛЬНЫХ МЕЖДУНАРОДНЫХ ДОГОВОРОВ, ВХОДЯЩИХ В ПРАВО ЕВРАЗИЙСКОГО ЭКОНОМИЧЕСКОГО СОЮЗА, И АКТОВ ОРГАНОВ ЕВРАЗИЙСКОГО ЭКОНОМИЧЕСКОГО СОЮЗА В СВЯЗИ С ПРИСОЕДИНЕНИЕМ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ К ДОГОВОРУ О ЕВРАЗИЙСКОМ ЭКОНОМИЧЕСКОМ СОЮЗЕ ОТ 29 МАЯ 2014 ГОДА, ПОДПИСАННЫЙ 8 МАЯ 2015 ГОДА, ПОДПИСАННОГО 19 АПРЕЛЯ 2022 ГОДА В ГОРОДЕ МОСКВЕ

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 30 ноября 2022 года

Статья 1

Ратифицировать Протокол о внесении изменения в Протокол об условиях и переходных положениях по применению Кыргызской Республикой Договора о Евразийском экономическом союзе от 29 мая 2014 года, отдельных международных договоров, входящих в право Евразийского экономического союза, и актов органов Евразийского экономического союза в связи с присоединением Кыргызской Республики к Договору о Евразийском экономическом союзе от 29 мая 2014 года, подписанный 8 мая 2015 года, подписанный 19 апреля 2022 года в городе Москве.

Статья 2

Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить Евразийскую экономическую комиссию о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу указанного Протокола.

Статья 3

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

Президент Кыргызской Республики **С.ЖАПАРОВ**

г.Бишкек, 10 января 2023 года, №1

"КООПТУУ ӨНДҮРҮШТҮК ОБЪЕКТТЕРДИН ӨНӨР ЖАЙЛЫК КООПСУЗДУГУ ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2022-жылдын 23-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

"Кооптуу өндүрүштүк объекттердин өнөр жайлык коопсуздугу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2016-ж., № 7, 878-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-берене төмөнкүдөй мазмундагы 11-пункт менен толукталсын:

"11) **адистештирилген уюм** - өнөр жай коопсуздугу жаатында атайын билимге ээ болгон, белгиленген тартипте аттестацияланган адистери бар уюм.";

2) 5-беренеде:

а) 1-бөлүктө:

- 1-пунктта:

"д" пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"д) күчтүү таасир этүүчү уулуу заттар - өтө уулуу жана белгилүү бир шарттарда (негизинен химиялык жактан кооптуу объекттердеги аварияларда) адамдардын жана жаныбарлардын массалык ууланууусуна алып келүүгө, ошондой эле айлана-чөйрөнү булгоого жөндөмдүү химиялык кошулмалар;";

"е", "ж" пунктчалары күчүн жоготту деп таанылсын;

- 3-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3) өнөр жайлык багыттагы стационардуу орнотулган жүк көтөрүүчү механизмдер, эскалаторлор, аркан жолдор, фуникулёрлор, лифттер пайдаланылат;";

б) 2-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2. Кооптуу өндүрүштүк объекттерге төмөнкүлөр кирбейт:

1) электр тармактык чарба объекттери;

2) турак жай имараттарын, ошондой эле өндүрүштүк эмес мүнөздөгү имараттарды жана курулмаларды газ менен жабдууга арналган жаратылыш газынын же суюлтулган көмүр суутек газынын төмөнкү жана орто басымдагы газ бөлүштүрүүчү тармактары жана газ керектөө тармактары.";

в) 4-бөлүктөгү "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) 6-беренедеги "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

4) 7-берененин 1-пункту "консервациялоо" деген сөздөн кийин ", рекультивациялоо" деген сөз менен толукталсын;

5) 8-беренеде:

а) 1-бөлүк "консервациялоо" деген сөздөн кийин ", рекультивациялоо" деген сөз менен толукталсын;

б) 3-бөлүктөгү "Мыйзамда каралган тартипте" деген сөздөр "ушул Мыйзамдын 13-беренесинде аныкталган тартипте" деген сөздөргө алмаштырылсын;

6) 9-беренеде:

а) берененин аталышы жана тексти ар кандай жөндөмө формаларындагы "консервациялоо" деген сөздөн кийин тиешелүү жөндөмөлөрдөгү ", рекультивациялоо" деген сөз менен толукталсын;

б) 1-бөлүктөгү "Белгиленген тартипте өнөр жай коопсуздугу экспертизасынын корутундуларынын реестрине киргизилген" деген сөздөр алып салынсын;

в) 2-бөлүктөгү "жана долбоордук уюм тарабынан долбоордук чечимдердин аткарылышына автордук көзөмөлдөө камсыз кылынат" деген сөздөр алып салынсын;

7) 10-беренеде:

а) "1. Кооптуу" деген сөз "Кооптуу" деген сөзгө алмаштырылсын;

б) ар кандай жөндөмө формаларындагы "Өкмөт" деген сөз тиешелүү жөндөмөлөрдөгү "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

в) 6-пунктта "имараттардын жана курулмалардын өнөр жай коопсуздугуна экспертиза жүргүзүүгө," деген сөздөр алып салынсын;

8) 11-беренедеги "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

9) 12-беренеде:

а) "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 2-бөлүктөгү "тийиштүү өндүрүш тармагындагы ыйгарым укуктуу орган" деген сөздөр "ыйгарым укуктуу контролдоочу орган" деген сөздөргө алмаштырылсын;

10) 13-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"13-берене. Өнөр жай коопсуздугуна экспертиза жүргүзүү

1. Кооптуу өндүрүштүк объектти куруу, кеңейтүү, реконструкциялоо, техникалык кайра жабдуу, консервациялоо, рекультивациялоо жана жоюу долбоордук документтерине өнөр жай коопсуздугуна экспертиза жүргүзүлүүгө тийиш.

2. Өнөр жай коопсуздугуна экспертиза ыйгарым укуктуу орган жана адистештирилген уюмдар тарабынан жүргүзүлөт.

Адистештирилген уюмдун белгиленген тартипте аттестацияланган өнөр жай коопсуздугу жаатындагы адистери болууга тийиш.

3. Адистештирилген уюм өнөр жай коопсуздугуна экспертиза жүргүзүү тууралуу ыйгарым укуктуу органга кабарлайт.

4. Өнөр жай коопсуздугуна экспертиза жүргүзүү жана корутундуну тариздөө тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.";

11) 14-берененин 2-бөлүгүндөгү "Өкмөтүнүн" деген сөз "Министрлер Кабинетинин" деген сөздөргө алмаштырылсын;

12) 17-беренедеги "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын.

2-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып үч айлык мөөнөттө ушул Мыйзамды колдонуу үчүн зарыл болгон ченемдик укуктук актыларды кабыл алсын.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2023-жылдын 10-январы, №2

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ПРОМЫШЛЕННОЙ БЕЗОПАСНОСТИ ОПАСНЫХ ПРОИЗВОДСТВЕННЫХ ОБЪЕКТОВ»

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 23 ноября 2022 года

Статья 1

Внести в Закон Кыргызской Республики «О промышленной безопасности опасных производственных объектов» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2016 г., № 7, ст. 878) следующие изменения:

1) статью 2 дополнить пунктом 11 следующего содержания:

«11) **специализированная организация** - организация, имеющая специалистов, аттестованных в установленном порядке, которые обладают специальными познаниями в области промышленной безопасности.»;

2) в статье 5:

а) в части 1:

- в пункте 1:

подпункт «д» изложить в следующей редакции:

«д) сильнодействующие ядовитые вещества - химические соединения, обладающие высокой токсичностью и способные при определенных условиях (в основном при авариях на химически опасных объектах) вызывать массовые отравления людей и животных, а также заражать окружающую среду;»;

подпункты «е», «ж» признать утратившими силу;

- пункт 3 изложить в следующей редакции:

«3) используются стационарно установленные грузоподъемные механизмы, эскалаторы, канатные дороги, фуникулеры, лифты промышленного назначения;»;

б) часть 2 изложить в следующей редакции:

«2. К опасным производственным объектам не относятся:

1) объекты электросетевого хозяйства;

2) сети газораспределения и сети газопотребления низкого и среднего давления природного газа или сжиженного углеводородного газа, предназначенные для газоснабжения жилых зданий, а также зданий и сооружений непроизводственного характера.»;

в) в части 4 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

3) в статье 6 слово «Правительство» заменить словами «Кабинет Министров»;

4) пункт 1 статьи 7 после слова «консервация» дополнить словом «, рекультивация»;

5) в статье 8:

а) часть 1 после слова «консервацию» дополнить словом «, рекультивацию»;

б) в части 3 слова «в установленном законодательством порядке» заменить словами «в порядке, определенном статьей 13 настоящего Закона»;

6) в статье 9:

а) наименование и текст статьи после слова «консервации» дополнить словом «, рекультивации»;

б) в части 1 слова «, в установленном порядке внесенного в реестр заключений экспертизы промышленной безопасности» исключить;

в) в части 2 слова «и проектной организацией обеспечивается авторский надзор за соблюдением проектных решений» исключить;

7) в статье 10:

а) слова «1. Организации» заменить словом «Организации»;

б) слово «Правительство» в различных падежных формах заменить словами «Кабинет Министров» в соответствующих падежах;

в) в пункте 6 слова «экспертизу промышленной безопасности зданий и сооружений,» исключить;

8) в статье 11 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

9) в статье 12:

а) слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

б) в части 2 слова «уполномоченным органом соответствующей отрасли промышленности» заменить словами «уполномоченным контролирующим органом»;

10) статью 13 изложить в следующей редакции:

«Статья 13. Экспертиза промышленной безопасности

1. Экспертизе промышленной безопасности подлежит проектная документация на строительство, расширение, реконструкцию, техническое перевооружение, консервацию, рекультивацию и ликвидацию опасного производственного объекта.

2. Экспертиза промышленной безопасности проводится уполномоченным органом и специализированными организациями.

Специализированная организация должна иметь специалистов в области промышленной безопасности, аттестованных в установленном порядке.

3. Специализированная организация уведомляет уполномоченный орган о проведении экспертизы промышленной безопасности.

4. Порядок проведения экспертизы промышленной безопасности и оформления заключения определяется Кабинетом Министров Кыргызской Республики.»;

11) в части 2 статьи 14 слово «Правительства» заменить словами «Кабинета Министров»;

12) в статье 17 слово «Правительству» заменить словами «Кабинету Министров».

Статья 2

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

Кабинету Министров Кыргызской Республики в трехмесячный срок со дня вступления в силу настоящего Закона принять нормативные правовые акты, необходимые для применения настоящего Закона.

Президент Кыргызской Республики **С.ЖАПАРОВ**

г.Бишкек, 10 января 2023 года, №2

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2012-ЖЫЛДЫН 24-ОКТЯБРЫНДАГЫ №745 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК ФОНДУ ТАРАБЫНАН МАМЛЕКЕТТИК ПЕНСИЯЛЫК ТОПТОО ФОНДУНУН ПЕНСИЯЛЫК ТОПТОЛГОН КАРАЖАТТАРЫН ТӨЛӨП БЕРҮҮ ЭРЕЖЕСИ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Топтомо системанын жагымдуулугун жогорулатуу жана пенсиялык топтолгон каражаттарды төлөө механизмдерин өркүндөтүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 24-октябрындагы №745 «Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондунун пенсиялык топтолгон каражаттарын төлөп берүү эрежеси жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондунун пенсиялык топтолгон каражаттарын төлөп берүү эрежесинде:

- 1-пунктта:

6-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«6) ипотекалык кредит алып жаткан же алган, ошондой эле «Мамлекеттик ипотекалык компания» ачык акционердик коому (мындан ары - «МИК» ААК) тарабынан каржыланган мамлекеттик турак жай программасынын катышуучулары үчүн кийин сатып алуу менен турак жайды ижаралоо келишими боюнча төлөмдөрдү төлөгөн адамдарга, алардын жубайларына беш жүз эсептик көрсөткүчтөн кем эмес жана ипотекалык кредиттин калдыгынын суммасынан ашпаган суммада;»;

7-пунктчадагы «адамдарга» деген сөздөн кийин «, ошондой эле алардын жубайларына, балдарына, ата-энелерине» деген сөздөр менен толукталсын;

- 3-пунктта:

жетинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- ипотекалык кредит алып жаткан же алган, ошондой эле «МИК» ААК тарабынан каржыланган мамлекеттик турак жай программасынын катышуучулары үчүн кийин сатып алуу менен турак жайды ижаралоо келишими боюнча төлөмдөрдү төлөгөн адамга, ошондой эле жубайына бир жолу, эгерде ар биринин пенсиялык топтоолорунун суммасы кайрылган учурда өз өзүнчө беш жүз эсептик көрсөткүчтөн кем болбосо жана ипотекалык кредиттин калдыгынын суммасынан ашпаса;»;

сегизинчи абзац «адамдарга» деген сөздөн кийин «, ошондой эле алардын жубайларына, балдарына, ата-энелерине» деген сөздөр менен толукталсын;

- 15^1-пунктта:

биринчи абзац «Ипотекалык кредит алып жаткан же алган» деген сөздөрдөн кийин «, «МИК» ААК тарабынан каржыланган мамлекеттик турак жай программасынын катышуучулары үчүн кийин сатып алуу менен турак жайды ижаралоо келишими боюнча төлөмдөрдү төлөгөн» деген сөздөр менен толукталсын;

үчүнчү абзац күчүн жоготту деп таанылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы бешинчи абзац менен толукталсын:

«- ипотекалык турак жайга кредит берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдан ипотекалык кредит берүүнү жактыруу жөнүндө же анын бар экендиги жөнүндө, же болбосо «МИК» ААК тарабынан каржыланган мамлекеттик турак жай программасынын катышуучулары үчүн кийин сатып алуу менен турак жайды ижаралоо келишими боюнча төлөмдөрдү төлөө жөнүндө документ.»;

- 17-пунктта:

үчүнчү абзац «Ипотекалык кредит алып жаткан же алган» деген сөздөрдөн кийин «, ошондой эле «МИК» ААК тарабынан каржыланган мамлекеттик турак жай программасынын катышуучулары үчүн кийин сатып алуу менен турак жайды ижаралоо келишими боюнча төлөмдөрдү төлөгөн» деген сөздөр менен толукталсын;

үчүнчү абзацтагы «үч иш» деген сөздөр «он төрт» деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 26-пункт «ипотекалык кредит алган же алып жаткан» деген сөздөрдөн кийин «, ошондой эле «МИК» ААК тарабынан каржыланган мамлекеттик турак жай программасынын катышуучулары үчүн кийин сатып алуу менен турак жайды ижаралоо келишими боюнча төлөмдөрдү төлөгөн» деген сөздөр менен толукталсын;

- 26^1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«26^1. Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду менен коммерциялык банктардын ортосунда ипотекалык кредит алып жаткан же алган, «МИК» ААК тарабынан каржыланган мамлекеттик турак жай программасынын катышуучулары үчүн кийин сатып алуу менен турак жайды ижаралоо келишими боюнча төлөмдөрдү төлөгөн камсыздандырылган адамдын, ошондой эле жубайынын пенсиялык топтоолору бар экендигин, ипотекалык кредиттин берилишин жактыруу же анын бар экенин же болбосо мамлекеттик турак жай программасынын катышуучулары үчүн кийин сатып алуу менен турак жайды ижаралоо келишими боюнча төлөмдөрдү төлөө жөнүндө ырастоо боюнча маалымат алмашуу ипотекалык турак жайга кредит берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган аркылуу ишке ашырылат.»;

- 26^2-пункт «Ипотекалык кредит алып жаткан же алган» деген сөздөрдөн кийин «, «МИК» ААК тарабынан каржыланган мамлекеттик турак жай программасынын катышуучулары үчүн кийин сатып алуу менен турак жайды ижаралоо келишими боюнча төлөмдөрдү төлөгөн» деген сөздөр менен толукталсын;

- 26^3 жана 26^4-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«26^3. «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна караштуу Мамлекеттик топтолуучу пенсиялык фонду» мекемеси камсыздандырылган адамдын, ошондой эле анын жубайынын пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) төлөө жөнүндө чечимди алгандан кийин пенсиялык топтоо каражаттарын (пенсиянын топтоо бөлүгүн) банктын ырастоосунда көрсөтүлгөн банк эсебине которот.

26^4. Камсыздандырылган адамдын, ошондой эле жубайынын пенсиялык топтоолорунун суммасы банктын ырастоосунда көрсөтүлгөн банк эсебине которулгандан кийин пенсиялык топтоо каражаттарынын ипотекалык кредиттин калдыгынын суммасынан ашып кеткен же ипотекалык кредитти берүүнү, «МИК» ААК тарабынан каржыланган мамлекеттик турак жай программасынын катышуучулары үчүн кийин сатып алуу менен турак жайды ижаралоо келишими боюнча төлөмдөрдү тындырууну жокко чыгарууга алып келген күтүлбөгөн жагдайларда (камсыздандырылган адамдын өлүмү, оорусу, ипотекалык кредиттен баш тартуусу, «МИК» ААК тарабынан каржыланган мамлекеттик турак жай программасынын катышуучулары үчүн кийин сатып алуу менен турак жайды ижаралоо келишими боюнча төлөмдөрдү төлөө, кыймылсыз мүлктү башка адамдарга сатуу, кредит берүүгө лицензияны токтото туруу жана ипотекалык кредитти берүүгө же алууга, «МИК» ААК тарабынан каржыланган мамлекеттик турак жай программасынын катышуучулары үчүн кийин сатып алуу менен турак жайды ижаралоо келишими боюнча төлөмдөрдү төлөөгө тоскоол болгон башка жагдайлар) пенсиялык топтоо каражаттары (пенсиянын топтоо бөлүгү) Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна караштуу Мамлекеттик топтолуучу пенсиялык фондуна кайтарылууга жана ушул камсыздандырылган адамдын, ошондой эле жубайынын өздүк камсыздандыруу эсебине киргизилүүгө жатат.»;

жогоруда көрсөтүлгөн Эреженин 1-тиркемесинде «ипотекалык кредит боюнча алгачкы төгүмдү каржылоо же жоюу» деген сөздөрдөн кийин «, ошондой эле «МИК» ААК тарабынан каржыланган мамлекеттик турак жай программасынын катышуучулары үчүн кийин сатып алуу менен турак жайды ижаралоо келишими боюнча төлөмдөрдү төлөө» деген сөздөр менен толукталсын;

жогоруда көрсөтүлгөн Эреженин 2-тиркемесинде «ипотекалык кредит боюнча алгачкы төгүмдү каржылоонун же жоюунун» деген сөздөрдөн кийин «, ошондой эле «МИК» ААК тарабынан каржылануучу мамлекеттик турак жай программасынын катышуучулары үчүн кийин сатып алуу менен турак жайды ижаралоо келишими боюнча төлөмдөрдү төлөө» деген сөздөр менен толукталсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 22-декабры, №711

2022-2024-ЖЫЛДАРГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЕЙКИНДИК МААЛЫМАТТАРЫНЫН УЛУТТУК ИНФРАТҮЗҮМҮН ТҮЗҮҮ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА ПРОГРАММАНЫ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-январындагы №2-т тескемеси менен бекитилген 2022-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында башкарууну санариптештирүү жана санариптик инфратүзүмдү өнүктүрүү боюнча иш-чаралар планын жүзөгө ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13,17-беренелерине, "Электрондук башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- 2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасынын мейкиндик маалыматтарынын улуттук инфратүзүмүн түзүү жана өнүктүрүү боюнча программа (мындан ары - Программа) 1-тиркемеге ылайык;

- Программаны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы (мындан ары - Иш-чаралар планы) 2-тиркемеге ылайык;

- Программанын алдын ала бюджети 3-тиркемеге ылайык;

- Программанын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү жана баалоо индикаторлорунун матрицасы 4-тиркемеге ылайык.

2. Программа республикалык бюджетте каралган каражаттардын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган тиешелүү министрликтердин жана ведомстволордун тартылган башка каражаттарынын чегинде ишке ашырылат деп белгиленсин.

3. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча) Программаны жана аны ишке ашыруу боюнча Иш-чаралар планын аткарууга алышсын.

4. Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Жер ресурстары кызматы квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 20сынан кечиктирбестен Иш-чаралар планын аткаруу жөнүндө жалпыланган маалыматты Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына берип турсун.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басарына жүктөлсүн.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 16-декабры, №706

ЖАҢЫ СИНТЕТИКАЛЫК БАҢГИЗАТТАРДЫН ЖАНА ЖАҢЫ ПСИХОАКТИВДҮҮ ЗАТТАРДЫН ПАЙДА БОЛУШУ ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРҮҮНҮН УЛУТТУК МЕХАНИЗМИН КИРГИЗҮҮ КОНЦЕПЦИЯСЫН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы №435 Жарлыгы менен бекитилген 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын аткаруу, жаңы синтетикалык баңгизаттардын жана жаңы психоактивдүү заттардын пайда болушу жөнүндө билдирүү механизмин түзүү, ошондой эле алардын жүгүртүлүшүнө талаптагыдай контролду белгилөө максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Жаңы синтетикалык баңгизаттардын жана жаңы психоактивдүү заттардын пайда болушу жөнүндө билдирүүнүн улуттук механизмин киргизүү концепциясы (мындан ары - Концепция) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Министрликтер, мамлекеттик комитет жана административдик ведомстволор Концепцияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планынын долбооруна киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине бир айлык мөөнөттө сунуштарды киргизсин.

3. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги министрликтердин, мамлекеттик комитеттин жана административдик ведомстволордун сунуштарын жалпыласын жана Концепцияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемесинин долбоорун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна белгиленген тартипте киргизсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 30-декабры, №723

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Финансы-экономикалык коопсуздукту камсыз кылуу, ички валюта рыногундагы кырдаалды турукташтыруу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыктарын коргоо максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тиешелүү чечими кабыл алынганга чейин Кыргыз Республикасынан накталай чет өлкөлүк валютаны алып чыгууга убактылуу тыюу салуу:

- резидент эместерге жана чет өлкөлүк жарандарга 5000ден (беш миң) көп накталай АКШ доллары суммасында;

- Кыргыз Республикасынын жарандарына жана резиденттерине 10 000ден (он миң) көп накталай АКШ доллары суммасында;

2) Кыргыз Республикасынын жарандары жана резиденттери 10 000ден (он миң) көп АКШ доллары суммасында накталай АКШ долларын алып чыккан учурда, белгиленген лимиттен ашкан сумманын 10% өлчөмүндө төлөм алуу.

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн накталай АКШ долларын алып чыгууга бөгөт коюуга багытталган зарыл болгон чараларды көрсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин төрагасына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.ЖАПАРОВ**

Бишкек шаары, 2023-жылдын 13-январы, №7

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2017-ЖЫЛДЫН 31-ЯНВАРЫНДАГЫ №17 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТ ОРУНДАРЫНЫН РЕЕСТРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Мамлекеттик башкарууну оптималдаштыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 31-январындагы №17 «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестрин бекитүү жөнүндө» Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестринде:

- II бөлүмдүн 4-главасынын 9-пунктунда:

төмөнкүдөй мазмундагы «Жогорку кызмат орду» тобу менен толукталсын:

"

Жогорку кызмат орду		
Ж-Б	Ыйгарым укуктуу өкүлдүн орун басары рангындагы аппараттын жетекчиси (*) (***)	

";

Б-А категориясы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

Б-А	Аппараттын жетекчиси Башкармалыктын начальниги (*) (***)	Аппараттын жетекчиси

";

- II бөлүмдүн 1-4-главаларына эскертүү төмөнкүдөй мазмундагы сегизинчи абзац менен толукталсын:

«(***) – административдик мамлекеттик кызмат орду 2024-жылдын 1-апрелине чейинки мезгилге пилоттук негизде Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратында киргизилет.».

2. Бул Жарлык 2023-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет жана расмий жарыялануу тийиш.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2023-жылдын 13-январы, ПЖ №4

ДҮЙНӨ ДҮБҮРТҮ

Бардык жактан тыюу күчөдү

Афганистанда талибдер өлкөдөгү соода борборлорунда жана атайын жайларда аялдардын иштешине тыюу салып, сулуулук салондорун жабууга он күндүк мөөнөт берди. Буга чейин өлкө аймагында иш алып барган эл аралык жана өкмөттүк эмес уюмдарга кыз-келиндерди жумушка алууга болбой турган чечимин чыгарган. А түгүл жогорку окуу жайларда окуган кыздардын билим алуусун токтотуу чечими кабыл алынды. Афганистан билим берүү министринин кылган жарыясында кыз балдардын медреседен башка жактан билим алуусу исламга каршы келет.

Өбүшөм деп өлүп тынды

Судан мамлекетинде никелешпей туруп мамилеге барды деген доо менен 20 жаштагы келинди таш бараңга алып, өлүм жазасына тартуу тууралуу эң оор өкүм чыгарылган. Анткени, келин сот залында өзү жактырып жүргөн жигитти өөп койгондугун мойнуна алган. Бирок, өкүм чыгарган сот эл аралык коомчулуктун айыптоосунан улам чыгарган өкүмүн өзгөртүүгө мажбур болуп, айыпкер алты айга абакка кесилди. Окуя болгондон кийин намыстанган келиндин бөлөсү тиги жигитти өлтүрүп салган.

Куш тумоосу

Япониянын Миядзаки өрөөнүндө куш тумоосунун жаңы очогу катталып, 100 миңдей тоок жок кылынды. Оорунун очогу табылган чарбанын айланасынан тоок жана жумурткаларды ташууга тыюу салынды.

Японияда бул ылаңдын катталуусу биринчи жолу эмес. Өткөн бир жыл аралыгында куш тумоосунан улам жок кылынган куштардын саны 10 миллиондон ашкан. Акыркы 29 жыл аралыгында өлкөнүн 18 аймагында 52 жолу куш тумоосу катталган.

Кыргыз тасмасынын Индиядагы жеңиши

Индиянын Чатрапати Шиваджи шаарында өткөн эл аралык кинофестивалда режиссёр Артыкпай Сүйүндүковдун “Шамбала” тасмасы “Мыкты тасма” номинациясын жана “Шиважи Махарадж падышасынын глобалдык лидер сыйлыгын” жеңип алды. Чыңгыз Айтматовдун “Ак кеме” повестинин негизинде тартылган бул тасма буга чейин да бир катар эл аралык фестивалдарга катышып, көптөгөн сыйлыктарга ээ болгон.

Разия ЖООШБАЕВА

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА МИНИСТРЛИГИНИН МАМЛЕКЕТТИК, АНЫН ИЧИНДЕ АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАРДЫ, ИМАРАТТАРДЫ ПАЙДАЛАНУУ ҮЧҮН ИЖАРА АКЫСЫН ЭСЕПТӨӨ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ БУЙРУКТАРЫН КҮЧҮН ЖОГОТТУ ДЕП ТАБУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ МИНИСТРЛИГИНИН

БУЙРУГУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 “Мамлекеттик мүлктү ижарага, чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, акысыз убактылуу пайдалануугa берүү тартибин регламенттөөчү маселелер жөнүндө” токтомун аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 15-сентябрындагы №530 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомуна ылайык ошондой эле Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун 2022-жылдын 14-сентябрындагы №501-б “Мамлекеттик, анын ичинде администрациялык курулмаларды, имараттарды пайдалануу үчүн ижара акысын эсептөө үчүн ижара акысын эсептөө тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу” буйругун эске алуу менен **буйрук кылам:**

1. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин 2016-жылдын 26-январындагы №8 “Мамлекеттик, анын ичинде администрациялык курулмаларды, имараттарды пайдалануу үчүн ижара акысын эсептөө тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу” буйругу;

2) Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин 2016-жылдын 22-июнундагы №168 “Министрликтин 2016-жылдын 26-январындагы №8 “Мамлекеттик, анын ичинде администрациялык курулмаларды, имараттарды пайдалануу үчүн ижаралык акыны эсептөө тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу” буйругуна толуктоону киргизүү жөнүндө” буйругу.

2. Мамлекеттик менчик саясаты башкармалыгы:

1) ушул буйрук катталгандан кийин үч жумуш күндүн ичинде “Эркин-Тоо” газетасына мамлекеттик жана расмий тилдерде жарыяласын;

2) ушул буйрук расмий жарыялангандан кийин үч жумуш күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик каттоо үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жиберсин;

3) ушул буйрук күчүнө киргенден кийин үч жумуш күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине жиберсин.

3. Басма сөз кызматы ушул буйрук катталган күндөн баштап үч жумуш күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин сайтында расмий жарыялоону камсыздасын.

4. Ушул буйрук расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

5. Ушул буйрукту аткарууну контролдоо Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министринин орун басары И.Э.Асылкуловго жүктөлсүн.

Министр **Д.АМАНГЕЛЬДИЕВ**

Бишкек шаары, 2023-жылдын 16-январы, №03

ПРИКАЗ

МИНИСТЕРСТВА ЭКОНОМИКИ И КОММЕРЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ПРИЗНАНИИ УТРАТИВШИМИ СИЛУ НЕКОТОРЫХ ПРИКАЗОВ МИНИСТЕРСТВА ЭКОНОМИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ В СФЕРЕ НАЧИСЛЕНИЯ АРЕНДНОЙ ПЛАТЫ ЗА ПОЛЬЗОВАНИЕ ГОСУДАРСТВЕННЫМИ СООРУЖЕНИЯМИ, ЗДАНИЯМИ, В ТОМ ЧИСЛЕ АДМИНИСТРАТИВНЫМИ

Во исполнение постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики «О вопросах, регламентирующих порядок предоставления государственного имущества в аренду, хозяйственное ведение, оперативное управление, безвозмездное временное пользование» от 24 сентября 2021 года №183, в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Правительства Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 15 сентября 2014 года №530, принимая во внимание приказ Фонда по управлению государственным имуществом при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики «Об утверждении Инструкции о порядке начисления арендной платы за пользование государственными сооружениями, зданиями, в том числе административными» от 14 сентября 2022 года №501-п **приказываю:**

1. Признать утратившими силу:

1) приказ Министерства экономики Кыргызской Республики «Об утверждении Инструкции о порядке начисления арендной платы за пользование государственными сооружениями, зданиями, в том числе административными» от 26 января 2016 года №8;

2) приказ Министерства экономики Кыргызской Республики «О внесении дополнения в приказ министерства от 26 января 2016 года №8 «Об утверждении Инструкции о порядке начисления арендной платы за пользование государственными сооружениями, зданиями, в том числе административными» от 22 июня 2016 года №168.

2. Управлению политики государственной собственности:

1) в течение трех рабочих дней со дня регистрации опубликовать настоящий приказ на государственном и официальном языках в газете «Эркин-Тоо»;

2) в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить настоящий приказ в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов;

3) в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу направить настоящий приказ в Кабинет Министров Кыргызской Республики.

3. Пресс-службе в течение трех рабочих дней со дня регистрации настоящего приказа обеспечить его официальное опубликование на сайте Министерства экономики и коммерции Кыргызской Республики.

4. Настоящий приказ вступает в силу со дня официального опубликования.

5. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра экономики и коммерции Кыргызской Республики И.Э.Асылкулова.

Министр **Д.АМАНГЕЛЬДИЕВ**

г.Бишкек, 16 января 2023 года, №03

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Сузак райондук САКБ тарабынан Сузак райондук сотунун 31.10.2022-жылдагы №ГД-1369/22-Д8 сандуу аткаруу барагынын негизинде

карызкор Батиров Мавланжан Амановичтен өндүрүп алуучу "Илим" чакан кредиттик компаниясы ЖЧКнын пайдасына 546 497 сом 32 тыйын карызды жана 21 296 сом 70 тыйын мамлекеттик алымды, жалпысы болуп 567 794 сом 02 тыйынды өндүрүүдө карызкор Батиров Мавланжан Амановичке таандык болгон Сузак районунун С.Атабеков айыл өкмөтүнүн Жийде айылында жайгашкан сыр белгиси №3-05-10-1002-0011, жалпы жер аянты - 3042,70 ч.м., жалпы пайдалануу аянты - 106,80 ч.м., жашоо аянты - 77,10 ч.м. болгон турак жайына ачык аукцион жарыяланат.

Турак жайдын баштапкы баасы – 700 000 (жети жүз миң) сом.

Ачык аукцион **2023-жылдын 20-февраль күнү саат 15.00дө** мүлк жайгашкан даректе жүргүзүлөт. Ачык аукционго катышууну каалоочулар турак жайдын баштапкы баасынын **5%ын** ачык аукцион болгонго чейин Сузак райондук САКБнын депозиттик эсебине (БИК **440001**, эсеби **№4408082100000125**, төлөө коду **14511900**) шерт пул төлөөгө тийиш. Аукциондон утуп алган адамдын төккөн кепилдик суммасы турак жайдын баасына кошулуп эсептелинет. Аукциондон жеңилген катышуучулардын алдын ала төлөнгөн шерт суммалары соода-сатык аяктагандан кийин өздөрүнө кайтарылып берилет. Аукциондо уткан адам 7 (жети) күндүн ичинде аукциондун алдында төккөн сумманы кошуп эсептөө менен мүлктүн сатып алынган суммасын толугу менен төлөп берүүгө милдеттүү.

Байланыш телефону: (03748) 5-01-34. Д-1

Сузак районунун САКБ тарабынын Сузак райондук сотунун 10.11.2022-жылдагы №ГД-1369/22-Д8 сандуу аткаруу барагынын негизинде

карызкор Батиров Миролим Мавланжановичтен өндүрүп алуучу "Илим" чакан кредиттик компаниясы ЖЧКнын пайдасына 564 844 сом 64 тыйын карызды, 21 296 сом жана 1460 сом мамлекеттик алымды, жалпысы болуп 587 600 сом 64 тыйын өндүрүүдө карызкор Батиров Миролим Мавланжановичке таандык болгон Сузак районунун С.Атабеков айыл өкмөтүнүн Жийде айылында жайгашкан сыр белгиси №3-05-10-1002-0821, жалпы жер аянты - 2408,6 ч.м., жалпы пайдалануу аянты - 43,10 ч.м., жашоо аянты - 28,3 ч.м. болгон турак жайына ачык аукцион жарыяланат.

Турак жайдын баштапкы баасы – 700 000 (жети жүз миң) сом.

Ачык аукцион **2023-жылдын 20-февраль күнү саат 10.00дө** мүлк жайгашкан даректе жүргүзүлөт. Ачык аукционго катышууну каалоочулар турак жайдын баштапкы баасынын **5%ын** ачык аукцион болгонго чейин Сузак райондук САКБнын депозиттик эсебине (БИК **440001**, эсеби **№4408082100000125**, төлөө коду **14511900**) шерт пул төлөөгө тийиш. Аукциондон утуп алган адамдын төккөн кепилдик суммасы турак жайдын баасына кошулуп эсептелинет. Аукциондон жеңилген катышуучулардын алдын ала төлөнгөн шерт суммалары соода-сатык аяктагандан кийин өздөрүнө кайтарылып берилет. Аукциондо уткан адам 7 (жети) күндүн ичинде аукциондун алдында төккөн сумманы кошуп эсептөө менен мүлктүн сатып алынган суммасын толугу менен төлөп берүүгө милдеттүү.

Байланыш телефону: (03748) 5-01-34. Д-1

Сузак райондук сот аткаруучулар кызмат бөлүмү тарабынан

карызкор Анарбаев Рустамбек Асланович, Борбуев Нуржигит Акимжанович жана Борбуева Жамиладан өндүрүп алуучу «Капитал Банк" ААКнын пайдасына жалпы 3 265 884 (үч миллион эки жүз алтымыш беш миң сегиз жүз сексен төрт) сом өндүрүү боюнча:

1) Күрөөгө коюлган Анарбаев Рустамбек Аслановичке таандык Сузак районунун Ырыс айыл аймагынын Тотия айылындагы К.Абдужаббаров көчөсүнүн №30 дарегинде жайгашкан №3-05-13-1008-0109 сандуу коду менен катталган, жалпы пайдалуу аянты -1449,8 кв.м., жашоо аянты - 69,4 кв.м., жер аянты - 95,1 кв.м. болгон турак жайына ачык аукцион жарыяланат.

Турак жайдын баштапкы баасы – 1 350 600 (бир миллион үч жүз элүү миң алты жүз) сом.

2) Күрөөгө коюлган Борбуева Жамилага таандык Сузак районунун Кызыл-Туу айыл аймагынын Ак-Баш айылындагы М.Эрматов көчөсүнүн №120 дарегинде жайгашкан №3-05-07-1001-0106 сандуу коду менен катталган, жалпы пайдалуу аянты -894,0 кв.м., жашоо аянты - 116,6 кв.м., жер аянты - 243,3 кв.м. болгон турак жайына ачык аукцион жарыяланат.

Турак жайдын баштапкы баасы – 4 115 800 (төрт миллион бир жүз он беш миң сегиз жүз) сом.

Ачык аукциондор **2023-жылдын 17-февраль күнү саат 14.00дө** мүлк жайгашкан даректе жүргүзүлөт. Ачык аукционго катышууну каалоочулар турак жайдын баштапкы баасынын **5%ын** ачык аукцион болгонго чейин Сузак райондук САКБнын депозиттик эсебине (БИК **440001**, эсептик счету **№4408082100000125,** төлөө коду **14511900**) төгүүгө тийиш. Аукциондон утуп алган адамдын төккөн кепилдик суммасы сатып алуу баасына кошулат. Аукциондон жеңилген катышуучулардын алдын ала төлөнгөн шерт суммалары аукцион аяктагандан кийин кайтарылып берилет. Аукциондон уткан адам жети күндүн ичинде аукциондун алдында төккөн сумманы кошо эсептөө менен мүлктүн сатып алынган суммасын толугу менен төлөп берүүгө милдеттүү.

Байланыш телефону: (03748) 5-01-34. Д-1

ПССИ СУЗАКСКОГО РАЙОНА

ОБЪЯВЛЯЕТ ВТОРИЧНЫЙ ОТКРЫТЫЙ АУКЦИОН
по реализации недвижимых заложенных имуществ
расположенному по адресу:

1) Жилой дом расположенного по адресу: Сузакский район, с/о Таш-Булак, село Доскана, по улице М. Женалиева №14, общей полезной площадью - 114,8 кв.м., жилой площадью - 66,6 кв.м., и земельный участок мерою - 700,00 кв.м. принадлежащий Жээналиева Канатбек Мундузовича идентификационный код 3-05-12-1005-0256.

Начальная (стартовая) цена в сумме 2 704 000 (два миллиона семьсот четыре тысяч) сомов.

Торги состоится по месту нахождения заложенных имуществ в **11.00 часов 17 февраля 2023 года.**

2) Жилой дом расположенного по адресу: г.Жалал-Абад, улица Чехова, дом №53, общей полезной площадью - 99,7 кв.м., жилой площадью – 82,7 кв.м. и земельный участок мерою - 497,2 кв.м. принадлежащий Жээналиева Канатбека Мундузовича идентификационный код 3-10-02-0007-1038.

Начальная (стартовая) цена в сумме 3 358 000 (три миллион триста пятьдесят восемь тысяч) сомов.

Торги состоится по месту нахождения заложенных имуществ в **14.00 часов 17 февраля 2023 года.**

3) Нежилое помещение расположенного по адресу: г.Жалал-Абад, улица Ч.Айтматова №16/11, общей полезной площадью - 14,50 кв.м. принадлежащий Батыровой Бурайм идентификационный код 3-10-04-0004-0763-01-011.

Начальная (стартовая) цена в сумме 1 385 000 (один миллион триста восемьдесят пять тысяч) сомов.

Торги состоится по месту нахождения заложенных имуществ в **11.00 часов 20 февраля 2023 года.**

4) Жилой дом расположенного по адресу: г.Жалал-Абад, улица Ч.Айтматова, 6, дом №3, общей полезной площадью - 111,20 кв.м., жилой площадью – 79,30 кв.м. и земельный участок мерою -557,70 кв.м. принадлежащий Нишановой Адинахан Макамбоевне идентификационный код 3-10-04-0004-1141.

Начальная (стартовая) цена в сумме 4 589 000 (четыре миллиона пятьсот восемьдесят девять тысяч) сомов.

Торги состоится по месту нахождения заложенных имуществ в **15.00 часов 20 февраля 2023 года.** Желающим принять участие в торгах необходимо внести гарантийный взнос в размере **5%** от стартовой стоимости за один день до начала торгов в депозитный счет ПССИ Сузакского района БИК **440001**, лицевой счет **№4408082100000125**, код платежа **14511900** Центральное казначейство. Выигравшим торги признается лицо предложивший наиболее высокую цену. Участник выигравшие торги должен не более 5 дней после проведения торги внести полностью сумму, за которое им куплено имущество с зачетом суммы внесенный им перед началом торгов. Гарантийный взнос участника выигравший торги, но не оплатившего покупную цену поступает на специальный счет на развитие исполнительного производства.

За справками обращаться в ПССИ Сузакского района или по тел.: (03748) 5-01-34. Д-1

Сузак райондук сот аткаруучулар кызмат бөлүмү тарабынан

карызкор Акматова Венера Сагындыковнадан, Топчубаев Ырысбек Бурканович жана Акматова Идияттан «Бай-Тушум Банк" ААКнын пайдасына жалпы 1 171 666 (бир миллион бир жүз жетимиш бир миң алты жүз алтымыш алты) сом 58 тыйын өндүрүү боюнча күрөөгө коюлган Акматова Идиятка таандык болгон Сузак районунун Курманбек айыл аймагынын Таран-Базар айылында жайгашкан жалпы пайдалануу аянты - 67,6 кв.м., жашоо аянты - 56,2 кв.м., жер участогунун аянты - 2628,0 кв.м. болгон, №3-05-01-1001-0123 сандуу сыр белгиси менен катталган турак жайына ачык аукцион жарыяланат.

Турак жайдын баштапкы старттык сатуу баасы – 722 280 (жети жүз жыйырма эки миң эки жүз сексен) сом.

Ачык аукцион **2023-жылдын 20-февраль күнү саат 14.00дө** мүлк жайгашкан даректе жүргүзүлөт. Ачык аукционго катышууну каалоочулар турак жайдын баштапкы баасынын **5%ын** ачык аукцион болгонго чейин Сузак райондук САКБнын депозиттик эсебине (БИК **440001**, эсептик счету **№4408082100000125,** төлөө коду **14511900**) төгүүгө тийиш. Аукциондон утуп алган адамдын төккөн кепилдик суммасы сатып алуу баасына кошулат. Аукциондон жеңилген катышуучулардын алдын ала төлөнгөн шерт суммалары аукцион аяктагандан кийин кайтарылып берилет. Аукциондон уткан адам жети күндүн ичинде аукциондун алдында төккөн сумманы кошо эсептөө менен мүлктүн сатып алынган суммасын толугу менен төлөп берүүгө милдеттүү.

Байланыш телефону: (03748) 5-01-34. Д-1

ОАО МИКРОФИНАНСОВАЯ КОМПАНИЯ «АБН»

Сообщает о начале размещения именных процентных облигаций четвертого выпуска Адрес: г.Бишкек, 4 мкрн., д. №35/1

Дата и номер государственной регистрации выпуска: 11 января 2023 года, №KG 0204211518.
Количество облигаций: 35 000 (тридцать пять тысяч) экземпляров;
Цена размещения 1 (одной) облигации: 5 000 (пять тысяч) сом;
Общая сумма эмиссии: 175 000 000 (сто семьдесят пять миллионов) сом;
Доходность: 19% (Девятнадцать процентов) годовых;
Порядок размещения: 7 (семь) траншей, количество облигаций каждого транша 5 000 (пять тысяч) экземпляров, сумма эмиссии каждого транша 25 000 000 (двадцать пять миллионов сом);
Дата начала размещения выпуска и первого транша: 24 января 2023 года;
Срок обращения -36 месяцев с даты начала размещения каждого транша облигаций.
Выплата процентов: через каждые 3 месяца с даты начала размещения каждого транша облигаций;
Дата погашения первого транша: 24 января 2026 года, дата погашения последующих траншей через 36 месяцев с даты начала размещения последующих траншей.

Ознакомиться с условиями публичного предложения и проспектом эмиссии, а также приобрести облигации можно через андеррайтера выпуска - ОсОО ФК «СЕНТИ», лицензия Госфиннадзора при Правительстве КР №172, 173 от 18.05.2018 года, по адресу: **пр. Чуй, 219, (9-й этаж).**

Телефоны: 61-00-25, 61-45-89.
Более подробная информация: www.senti.kg. Н-048

Батырбеков Бексултан Карабашевичке таандык Жалал-Абад шаарынын А.Амираев көчөсүнүн №2-б дарегинде жайгашкан жер тилкесинин жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт (идентификациялык коду 3-10-03-0021-0636) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. Д-1

Козубаев Тезекбайга таандык Ноокен районунун Арал айыл өкмөтүнө каралуу Орто-Сай айылындагы жер үлүшүнүн жер участогуна жеке менчик укугу жөнүндө күбөлүгү (сериясы №0065735, берилген күнү 29.04.2015-ж., идентификациялык коду 3-04-01-0006-0216) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. Д-1

Өзгөн шаарынын тургуну Мадрасулов Нуриддин Ашуралиевичке райстаттан жеке ишкерлик боюнча берилген күбөлүктүн ОКПОсу 28261044, ИНН 22601199100671 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-417

В связи с утерей удостоверение на право временного пользования земельным участком мерою 0,05 га с.Арашан, участок Болоток ЕНИ 7-01-04-0004-0004 (от 14.07.2003 года) серии №0010355 считать недействительным. Справки по тел.: (0706), (0556) 22-73-53. Н-052

Өзгөн шаарынын тургуну Абдулхамидов Камранбек Фархадовичке райстаттан жеке ишкерлик боюнча берилген күбөлүктүн ОКПОсу 30746033, ИНН 21311199900391 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-127

Өзгөн районунун Шералы айылынын тургуну Хакимов Сатимбайга таандык жер үлүшүнүн күбөлүгү №27002 (04.12.1997-ж.б.), иден. код 5-06-14-0008-0449, 5-06-14-0009-0413 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-828

Подразделение службы судебных исполнителей Ленинского района г.Бишкек

ОБЪЯВЛЯЕТ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ
в форме открытого аукциона на предмет залога

- жилой дом, общей полезной площадью - 88,6 кв.м., жилой площадью - 53,9 кв.м., расположенный на земельном участке мерою - 697 кв.м., находящийся по адресу: г.Бишкек, с. Орто-Сай, улица Иманалиева, дом №133, идентификационный код: 1-01-15-0057-0366, принадлежащий на праве собственности Изакову Аскару Абдрасуловичу, на основании договора купли-продажи за №101202164731 от 25.03.2021 года выдано БфГУК.

Определить начальную (стартовую) продажную стоимость заложенного недвижимого имущества: - жилого дома, расположенного по адресу: **г.Бишкек, с. Орто-Сай, улица Иманалиева, дом №133 в сумме 2 543 742 (два миллиона пятьсот сорок три тысяча семьсот сорок два) сома.**

Публичные торги состоятся **24 февраля 2023 года в 10.00 часов**, по адресу: **г.Бишкек, с. Орто-Сай, улица Иманалиева, дом №133.**

Лица, желающие принять участие в аукционе, обязаны:

1) подать заявку на участие и подписку о том, что не имеется препятствий к их участию в аукционе;
2) внести на депозитный счет территориального подразделения судебных исполнителей задаток в размере 5 процентов от начальной стоимости имущества.

Прием заявок на участие в торгах заканчивается за один день до начала аукциона.

Организатором торгов является судебный исполнитель ПССИ Ленинского района г.Бишкек – Парпиев Руслан Абдирешович.

Задаток зачислить в Центральное казначейство на депозитный счет **№4402052100000877**, БИК **440001**, код платежа **14511900**, получатель ПССИ Ленинского района г. Бишкек.

За информацией обращаться к судебному исполнителю ПССИ Ленинского района г. Бишкек Парпиеву Р.А. по адресу: г.Бишкек, ул.Абдрахманова, 132, кабинет №17А, тел.: +996 (777) 72-76-22.

Н-047

«Майлуу-Суу электрлампа заводу» ААКсынын (мындан ары "МСЭЛЗ")

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мүлк комитетине караштуу кудретсиздик департаментинин 2010-жылдын 6-майындагы №110 буйругунун негизинде иш алып барган атайын администратору Кочконбаев Махамаджан Айтиевич 2023-жылдын 10-февралында саат 14.00дө өткөрүлө турган "МСЭЛЗ" ААКнын кредиторлорунун жыйынтыктоочу чогулушун өткөрүү жөнүндө жарыялайт.

КҮН ТАРТИБИ:

1. Атайын администратордун корутунду отчётун бекитүү.
2. Ар түрдүү маселелер.

Катышуу үчүн өздүгүн тастыктаган документтери болууга тийиш. Өкүлдөрдүн өз ыйгарым укуктарын ырастоочу тийиштүү түрдө тарызделген документи, ошондой эле инсандыгын ырастоочу документи болушу керек.

Сурап-билүү телефондору: (0708) 29-45-60, (0508) 37-70-52.

Н-045

Специальный администратор ОАО «Майлуу-Сууйский электроламповый завод» (далее по тексту ОАО «МСЭЛЗ»)

Кочконбаев Махамаджан Айтиевич действующий на основании Приказа Управления по делам банкротства при Госкомимущества Кыргызской Республики от 6 мая 2010 года за №110, объявляет о проведении заключительного собрания кредиторов ОАО «МСЭЛЗ», которое состоится 10 февраля 2023 года в 14.00 часов, по адресу: Джалал-Абадская обл., г. Майлуу-Суу, ул. Ленина, 210.

ПОВЕСТКА ДНЯ:

1. Утверждение заключительного отчета специального администратора.
2. Разное.

Для участия необходимо иметь при себе документ удостоверения личности. Представителям необходимо иметь при себе надлежащим образом оформленный документ подтверждающие их полномочия, а также документ удостоверения личности.

Тел. для справок: (0708) 29-45-60, (0508) 37-70-52.

В связи с утерей свидетельства на право пользование земельной долей №62 (от 29.06.1995 г.) на имя Саркулова Нурлана Бейшенкуловича считать недействительным.

Н-051

Зарегистрированный кооператив» СХПКК «Бал Рековер», в рамках проекта «Обеспечение доступа к рынкам» (ПОДР) финансируемый Международным Фондом Сельскохозяйственного Развития (МФСР)

ОБЪЯВЛЯЕТ ТЕНДЕР НА

поставку пчелоящиков корпусных и пчелопакеты Бакфаст для кооператива «Бал Рековер»

Заинтересованные компании могут приобрести полный комплект тендерных документов при предоставлении письменного заявления, по адресу:

Адрес: **Кыргызская Республика, Ошская область, Узгенский район, с.Мырзаке, ул.Нурбаева, 35.**

Телефон: + (996) 554 20-02-06; + (996) 778 15-95-13

Адрес электронной почты: **Jekepochta@gmail.com**

Конкурсные предложения должны быть доставлены не позднее **17 февраля 2023 года, 14.00 часов (местное время)** по адресу указанную в тендерных документах.

Предтендерная конференция будет проводиться в **14.00 часов (местное время) 2 февраля 2023 года,** по адресу: **Кыргызская Республика, г. Бишкек, бульвар Эркиндик, 2 (здание второго офиса АРИС, конференц-зал).**

Дополнительную информацию по наименованию, количеству техники/оборудования и содержанию можно получить по нижеуказанному адресу, в рабочие дни **с 9.00 до 18.00 часов:**

Адрес: **Кыргызская Республика, Ошская область, Ошский район, с. Мырзаке, ул. Нурбаева, 35.**

Телефон: + (996) 554 20-02-06; + (996) 778 15-95-13

Адрес электронной почты: **Jekepochta@gmail.com; bishenaliev@aris.kg**

А также по адресу:
720040, Кыргызская Республика,
г. Бишкек, ул. Боконбаева, 102, 11 каб.
тел.: + 996 (312) 62-07-52, 30-18-05,
факс: + 996 (312) 62-47-48,
E-mail: zakupki@aris.kg

С/О-016

СПКК «Бал» в рамках проекта «Обеспечение доступа к рынкам» (ПОДР) финансируемый Международным Фондом Сельскохозяйственного Развития (МФСР)

ОБЪЯВЛЯЕТ ТЕНДЕР НА

поставку деревянных ульев (лежак) 24 рамок

КОНТРАКТ № ATMP-Grant-LE Aman Green Food LLC/ Cooperative Bal Myrzake -2023-2

Заинтересованные компании могут приобрести полный комплект тендерных документов при предоставлении письменного заявления, по адресу:

Адрес: **Кыргызская Республика, Ошская область, Узгенский район, с/у Мырза-Аке, с. Мырза-Аке, ул. Нурбаева, 35 (здание айыл окмоту).**

Телефон: +996 (772) 30-14-20, +996 (559) 30-14-20

Адрес электронной почты: **kooperativ.bal@mail.ru**

Конкурсные предложения должны быть доставлены не позднее **16 февраля 2023 года, 14.00 часов (местное время)** по адресу указанную в тендерных документах.

Пред - тендерная конференция будет проводиться в **14.00 часов (местное время) 2 февраля 2023 года,** по адресу: **Кыргызская Республика, г. Бишкек, бульвар Эркиндик, 2 (здание второго офиса АРИС, конференц-зал).**

Дополнительную информацию по наименованию, количеству техники/оборудования и содержанию можно получить по нижеуказанному адресу, в рабочие дни **с 9.00 до 18.00 часов:**

Адрес: **Кыргызская Республика, Ошская область, Узгенский район, с/у Мырза-Аке, с. Мырза-Аке, ул. Нурбаева, 35 (здание айыл окмоту).**

Телефон + 996 (772) 30-14-20, +996 (559) 30-14-20
Адрес электронной почты: kooperativ.bal@mail.ru

А также по адресу:
720040, Кыргызская Республика,
г. Бишкек, ул. Боконбаева, 102, 11 каб.
тел.: + 996 (312) 62-07-52, 30-18-05,
факс: + 996 (312) 62-47-48,
E-mail: zakupki@aris.kg

С/О-015

Продаётся территория площадью - 2,11 га, а также здания и сооружения ул.Садыгалиева, 5, тел.: (0772) 50-06-60.

Н-024

Подразделение службы судебных исполнителей Кара-Бууринского района Таласской области

ОБЪЯВЛЯЕТ О ПРОВЕДЕНИЕ ВТОРИЧНЫЕ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГОВ НА ЗАЛОЖЕННОЕ ИМУЩЕСТВО

жилой дом (земля и строения) полезной площадью - 141,25 кв.м., жилой площадью - 80,75 кв.м., с земельным участком - 1900,0 кв.м., находящийся по адресу: Кара-Бууринский район, с.Кок-Сай, ул.Омурбека, дом №29 принадлежащий на праве частной собственности Мамбетову Шаршенбеку Обекировичу, путем продажи с публичных торгов стартовой продажной цене 700 000 (семьсот тысяч) сом.

Торги состоятся **28.02.2023 года в 10.00 часов** по нахождению имущества. Для участия в торгах необходимо внести гарантийный взнос в размере **5%** от начальной (стартовой) продажной цены жилой дом (земля и строения) на депозитный счет ПССИ Кара-Бууринского района, **4406012100000139** ОАО РСК Банк за 2 дня до проведения торгов. Покупная цена должна быть внесена не позднее 7 дневного срока после торгов на депозитный счет ПССИ Кара-Бууринского района Таласской области. Гарантийный взнос участника выигравшего торги засчитывается в счет покупной цены.

Организатор торгов Ст. судебный исполнитель ПССИ Кара-Бууринского района А.Шабданов.

П/П-618

За справками обращаться в ПССИ Кара-Бууринского р-на или по тел.: (0550) 68-99-60.

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Патиев Айбек Жанибекович код ОКПО 28637976, ИНН 20302199201129 считать недействительным.

Н-046

Орозалиев Кубатбек Жапасовичке тиешелүү жер участогуна жеке менчик укугу жөнүндөгү убактылуу пайдалануга берилген күбөлүгү серия В №057302 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-049

ЭРКИН-ТОО Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети

Биздин реквиттер: р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596
ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

Башкы редактор
АСАНБАЕВ Наралы Камбаралиевич

Кабылдама 62-38-75

Башкы редактордун 1-орун басары
КАЛЫКОВ Шекербек – 62-38-77
Башкы редактордун орун басары
ДЫЙКАНОВА Жылдыз – 62-38-78

Коммерциялык директор
САТЫКУЛОВ Орункул – 62-19-06 факс
Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87
(0773) 11-75-87
Жооптуу катчы
КУЛАТАЕВА Бактыгул - 62-38-71

Бөлүмдөр:

Саясат, укук жана экономика бөлүмү – 66-22-27
Маданият, адабият жана спорт бөлүмү – 62-38-71

Веб-сайт – 62-18-64
Коммерциялык бөлүм – 62-18-66
"Нормативдик актылар" журналы – 62-38-71
Башкы эсепчи – 62-38-73
Компьютердик борбор – 62-38-74

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

Биздин дарегибиз:
Бишкек шаары, 720040, Абдумомунов көчөсү, 193.

erkintoo@mail.gov.kg

● Юстиция министрлигинен берилген катталуу күбөлүгү №592
Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.

Индекси: 68451

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Буйрутма №29. Нускасы 4742
Басууга 16.01.2023-ж. саат 20.00дө берилди
Сатык келишим баада

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Ыр кайрык

МАЙРАМБЕКТИН "ЖАЛГЫЗ УЯДАГЫ" СҮЙҮҮ СЕЗИМИ

Токтогул жергесинин топ жарган таланттарын кимдер билбейт. Уккулуктуу обондору менен кыргыз классикасына айланган обончу-композиторлор Асанкалый Керимбаев, Шамшыбек Өтөбаевдер да таланттарга бай Токтогул жергесинен. Мезгилинде эки обончу жөнүндө арзып жүрүп гезит аркылуу сөз кылдым эле, атың. Бири кем дүйнөнүн арманы, алардын керемет обондорун угуп отуруп дагы кандайы өздөрү менен кошо кетти деп өкүнөсүң. Обончунун кудуретин анын жан-дүйнөнү эргиткен музасынан билесиң дегендей, Асанкалый менен Шамшыбектин обондорундагы турмуштук терең философияга муюткан кайрыктарына арбалуунун өзү, обончунун жан-дүйнөсүнүн сыйкыры. Жазган макалаларымда экөөсүнө ушундай баа бергем. Чын, Асанкалыйдын « Ак булуттары», Шамшыбектин «Ата-Журту» музыканын тили менен жазылган роман, Алыкул Осмонов менен Омор Султановдун бактысына бир жаралып, ырларына экинчи өмүр берген элдик композиторлор. Кана эми, ушу экөөсүнүн үзүлгөн учугун улачу обончу-музыканттар дагы да чыгар бекен деп, жамырап чыга келишкен жаш обончулардын арасынан издеп келем.

Айткандай эле бир жолу капысынан обончу-аткаруучу Майрамбек Осмоновдун «Жалгыз уя» деген керемет обонун угуп калбадымбы. Мурда бир да жолу укпаганыма өзүмдү-өзүм жемелей таң калып жаттым. «Мына, мен күткөн обон. Канча жылдар күтүп жүрдүм эле» деп ордуман тура калсам болобу отургандарды көзгө илбей, «Асанкалый, Шамшыбектер өлбөптүр!» деп, бакырып жиберипмин. «Мунуң эмнеси, ушунчалык эле өзүңө сыйбай безилдейсиң» дегендер да болду. Кана эми сен эргип элестеткен асыл дүйнөнү башкалар сен туйгандай кабыл алса. Жок да. Кийин Майрамбектин обондорунун турмуштук философиясын Асыкемдин «Ак булуттарын» кандай тереңдикте уксам, Майрамбектин «Жалгыз уясын» да жүрөк тереңинен оош-кыйыштуу турмуш өксүгү, кусалыгы, сагынычы менен укчу болдум. Кийин Майрамбек Осмоновдун «Сезим» обонун угуп отуруп «мына махабат азабы» деп бири-бирине жетпей калган эки жашты аяп уктум. Музыкадагы айтып бүтпөгөн философиялык терендик деп ушуну айт. Кийин сурап жүрбөйүмбү Майрамбек Осмонов деген обончу-аткаруучу, куудул кайдан болот деп. Көрсө мен арзып урматтаган Асыкем менен Шамшыкемдин үкөлөрүнөн, Токтогулдук топ жарган таланттарынан экен. Оо, Токтогул жергесинин таланттарын айтып отурсаң четтен чыгат. Сексенинчи, токсонунчу жылдары бир обончунун «Айжамал»деген ырын угуп ушунчалык шаңдуу, жүрөккө жагымдуу керемет кайрыктарына тан берген болчумун, кайра-кайра уккандан тажачу эместмин. Аны мен «Махабат чакырыгы» деп атап да алгам. Кийин ал обондуу ырдын автору Ашымбек Мамытбеков экендигин билип кайсы жерлик экендигин сүрүштүрбөй, жакында анын да Токтогулдук экенин уктум. Бирок, ал жигит « Айжамалынан» кийин кандай обондорду жаратты, бир жарк эткен жылдыздай көрүнбөй деле, угулбай деле калды. А мен кеп кылчу Майрамбектен үмүт чоң. Төп келиштирген обонунун текстин да өзү жазгандыгы мени дагы да үмүттүү каратып койду. Мындан келди Майрамбектин көп кырлуу талант-туулугу жараткан обондорунун терең мазмундуулугуна өбөлгө болот көрүнөт. Аткаруучулук чеберчилиги да кудум эле Асыкем менен Шамшыкемдин шаңдуулугуна окшошуп кетет. Рыспай Абдыкадыровдун, Асанкалый Керимбаевдин, Шамшыбек Өтөбаевдин обондун текстин тандоодогу өзгөчөлүк, чеберчилик Майрамбекте да бар экен деп койдум. Обондун текстин ойдогудай жазуу деген Майрамбектин көп кырлуу талантынын, өнөрүнүн кашкөй белгиси. А куудулдук жагын айтпа. Топчукесинин мурутун үчкө он беш мүнөт калгандай деп, жөн эле Топчукенин дикциясынын өзү. Эми Майрамбек иниме айтаарым, бул сенин өнөр аркалаган талантыңа таазим эткен биринчи баа. Сен жөнүндө сөз кылчу күндөр алдыда деп ойлоймун. Сага ак жол, чыгармачылык бийиктик каалайм.

Мурзапар Үсөн,
жазуучу

"Туюк" ырлардын сырлары

ЫР МЕНЕН ЖАЗЫЛГАН СӨЗДҮК



Акын Кубанычбек Басылбеков котормо жаатында да ийгиликтүү иштеп келе жатат. Ал өткөн кылымдарда жашаган атактуу чыгыш классиктери Абулкасим Фирдоуси, Омар Хайем, Муслихиддин Саади, Убайд Закони, Саидо Насафи ж.б. акындардын ырларын кыргызчага которуп, окурман журтуна тартуулады. Акын айрыкча өзбек акындарынын "туюк ырларын" которуп, кийинчерээк өзү да шыктанып "сырдуу саптарды" жазып китеп кылып чыгарды. Эми болсо жалаң ыр менен "Кыргыз тилинин омонимдер сөздүгүн" түзүп олтурат.

- Кубанычбек ага, "Кыргыз тилинин омонимдер сөздүгү" деген китебиңиз жаңы эле жарык көрдү. Адатта сөздүктү тилчи окумуштуулар түзөт эмеспи. Сөздүктү ыр түрүндө кантип жаздыңыз?

- Былтыр "Туюктар" (Сырдуу саптар) деген китебим жарык көргөн. "Туюктарды" кыргыз акындары жазган эмес. Аны өткөн кылымдарда Чыгыш акындары, айрыкча өзбек акындары жазышкан. Анда бир эле сөздүн ар башка маанисин туюндурган чыгарма жазылат. Тил илиминде аны "омонимдер" деп атап коет.

- Сиздин омонимдер сөздүгүңүз башка тилчи окумуштуулар түзгөн сөздүктөн эмнеси менен айырмаланат?

- Окумуштуулар сөздүктү түзгөндө тек гана кара сөз менен түшүндүрмөсүн берет. Кээ бир омоним сөздөрдүн ондон ашуун маанисин таап чыктым. Мисалы "Жаз" деген сөздү алалы. Аны тилчилер "Жаз" бул табияттын бир мезгили"деп гана жазышат. Бул сөздү терең иликтеп келсек төрт-беш мааниси бар. Мен ыр түрүндө ачып берүүгө аракет кылдым. Мисалы:

Торгой сайрап, жер көгөрүп келди–жаз,
Аны тосуп, ага арнап ырды–жаз.
Жаштык барда жетип анын баркына,
Гүлдөй жайнап, ойноп-күлүп черди жаз!

Курт-кумурска, айбанаттар, куштар да,
Көрүшпөсө, көрүшүүгө куштар да.
Адам гана сүйөт десе жарабас,
Сүйүү кантип болбой койсун куштарда.

Күлүк болсо алдыңдагы минген ат,
Кууп жетип карышкырды жазбай ат.
Мергендикте чебердикти көрсөтсөң,
Эл оозунда кала берет–өчпөс ат!

Ишине мыктылардын суктан, ашык,
Баалашса алар сени болбойт ашык.
Тең сүйүп өлгөндүктөн бирин-бири,
Тарыхта өлбөй жашайт эки ашык.

Ыр менен иштеп чыкканда мааниси да тереңирээк, окуучуларга жеткиликтүү, түшүнүктүрөөк болот. Биздин жердешибиз, улуу акын Махмуд Кашкари деле убагында "Оозеки жана жалпы түрк элдеринин сөздүгүн" 1077-жылдары жазган эмеспи. Мен дагы "А" тамгасынан тартып "Я" арибине чейин толук жазып чыктым. Менимче, кыргыз адабиятында мага чейин эч ким ыр менен сөздүк жазган эмес.

- Тилчи окумуштуулар сиздин бул эмгегиңизди кандай кабыл алышы мүмкүн?

- Менимче, туура эле кабыл алат болуш керек. Бул жаңылык болуп жатпайбы.

Филология илимдеринин доктору Лайли ҮКҮБАЕВА:

- Кыргыз поэзиясынын буга чейинки, дегеле оозеки поэзия, акындар поэзиясынан азыркы учурдагы поэзияга чейин кездешпеген, нары кызыктуу, нары суктанарлык ыр түрмөктөрүнө кез келип, Кубанычбек Басылбековдун ыр жаратуу өнөрүндөгү жаңы чыйырына тан берүүгө аргасыз болобуз. Ал саптар чындыгында да кандайынан окубагын курулушу жана катылган ой түрмөгүнүн сырдуулугу менен даярдыксыз окуучунун сезимин бир дүрт эттирип, таң калтырбай койбойт. Изденүүдөн талыкпаган Кубанычбек Басылбеков азыр да жаны жай албай дагы бир жаңы ишин баштаптыр. Ал "кыргыз тилинин терең мазмундуу" ийкемдүү, түрк тилдеринин ичинен өтө бай экенин далилдеп, даңазалоосун улантып" эми ыр менен омоним сөздүгүн түзүүнү алдына максат кылган экен. Акындын бул аракети анын бир гана учурда кыргыз поэзиясын түрдүк, көркөм-эстетикалык жактан гана байытпастан, лингвистика илиминин өнүгүшүнө, мектептерде, ЖОЖдордо омонимдин табиятын окутуп, анын полисемиядан болгон айырмачылыктарын үйрөтүүдө чоң практикалык маниге ээ болот деген ишенимдемин.

Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ